Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
12-сентябры

№69 (3725)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА

# ЖАШ МУУНДУ САЛТТУУ ДИНИЙ БААЛУУЛУКТАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ТАРБИЯЛОО МААНИЛҮҮ



***Кечээ Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө-мамлекеттердин муфтийлеринин делегациясын кабыл алды.***

Жолугушууда Садыр Жапаров Түрк мамлекеттер уюмунун кызматташтыгындагы маанилүү багыттардын бири – дин жаатында өз ара аракеттенүү экенин баса белгилеп, “Биз ыйман менен адептин, биримдик менен ынтымактын дини болгон Исламдын баалуулуктарын түрк дүйнөсүнүн улуттук наркы, салты менен айкалыштырып, жалпы элибиздин жаркын келечеги үчүн кызмат кылууга тийишпиз. Бул өз кезегинде, коомдун адеп-ахлагын чыңдайт. Ошондуктан, сиздердин жыйыныңыздар жалпы түрк мамлекеттеринин руханий биримдигин бекемдеп, бир туугандык жана боордоштук мамилелерибизди арттырууда чоң мааниге ээ”, - деди.

Мамлекет Башчысы Кыргызстандын калкынын 90%ын мусулмандар түзө тургандыгын белгилеп, акыркы жылдары дин жаатында бир катар реформалар жүргүзүлүп, Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгына – Муфтиятка ар тараптуу колдоолор көрсөтүлүп жатканына токтолду. Андан тышкары азыркы заманда ар кандай диний агымдар көбөйүп жаткандыгына байланыштуу, жаштар интернет жана социалдык тармактар аркылуу алардын таасирине кантип кирип кеткенин билбей жатышканын өзгөчө белгиледи. Руханий лидерлердин негизги милдеттеринин бири – жаш муунду ата-бабаларыбыздан калган салттуу диний баалуулуктардын негизинде тарбиялоо экенин баса көрсөттү.

ТМУнун мүчө-мамлекеттеринин муфтийлери Мамлекет Башчысына кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдиришип, Кыргызстандын уюмга төрагалык кылуусунун мезгилинде жетишилген олуттуу натыйжаларды белгилешти.

Жолугушуунун соңунда Президент Садыр Жапаров түрк мамлекеттеринин ортосундагы маданий байланыштарды чыңдоого кошкон зор салымы жана руханий баалуулуктарды өнүктүрүүгө көрсөткөн колдоосу үчүн Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын "Айкөл" ордени менен сыйланды.

# ТАРЫХТА БИРИНЧИ ЖОЛУ

Өтүп бара жаткан аптанын дагы бир жакшы жаңылыгы – Кыргызстандын футбол боюнча жаштар курама командасы (U-23) тарыхта биринчи жолу Азия Кубогуна жолдомо алгандыгы болду. Кыргызстандын 23 жашка чейинкилер арасындагы курама командасы көрсөткөн акыркы оюндардын дээрлик баары ийгиликтүү өттү. Бул жолу да Азия Кубогуна жолдомо алууда Е тайпасында 7 упай менен биринчи орунга чыкты. Тайпадан чыгуудагы акыркы беттеш 9-сентябрда Бишкек шаарындагы Дөлөн Өмүрзаков атындагы стадиондо Кыргызстан менен Шри-Ланка курама командаларынын ортосунда болуп, ага Президент Садыр Жапаров, Кыргыз футбол биримдигинин президенти, Улуттук коопсуздук комитетинин (УКМК) төрагасы Камчыбек Ташиев күбө болушту. Катуу сүрөөн менен коштолгон беттеш Кыргызстан курамасынын Шри-Ланка курамасын 6:0 эсебинде жеңиши менен аяктады.

Буга чейин биздин футболчулар «Е» тайпасында Палестинаны 2:1 эсебинде жеңип, Өзбекстан менен 2:2 эсебинде тең чыгышкан.

Ошентип, Кыргызстандын жаштар курама командасы (U-23) тарыхта биринчи жолу Азия Кубогу үчүн жарышка катышат. Эске салсак, Азия кубогунун финалдык этабы 2026-жылдын 7-25-январь күндөрү Сауд Арабиясында өтөт.



# Rothschild & Co компаниясынын өкүлдөрү Бишкекте

***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кечээ Бишкек шаарында Rothschild & Co компаниясынын башкармалыгынын мүчөсү Ариэль Малярд де Ротшильд баштаган өкүлдөрдү кабыл алды.***

Тараптар жолугушууда Экономикалык жана финансылык тармактарда кызматташууну өнүктүрүү, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана инвестиция тартуу мүмкүнчүлүктөрүн талкуулашты.

«Сиздердин өлкөбүзгө жана анын экономикалык келечегине болгон кызыгууңуздар биз үчүн ишенимдин маанилүү белгиси болуп саналат», - деп белгиледи Мамлекет Башчысы.

Өз кезегинде Rothschild & Co өкүлдөрү Кыргызстан менен кызматташтыкты кеңейтүүгө кызыкдар экенин билдирип, компания дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү, анын ичинде Борбор Азия менен иштешерин жана инвестициялык консалтинг жана каржылык долбоорлорду коштоо жаатында бай тажрыйбага ээ экенин баса белгилешти.

# Кыргызстан–Малайзия мамилеси өнүгүү жолунда

***Малайзия Парламентинин Сенатынын Төрагасынын орун басары Нур Жазлан Мохамад Кыргызстанга расмий сапарынын алкагында келип, 10-сентябрда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун кабыл алуусунда болду.***

Жолугушууда тараптар 2024-жылы кыргыз-малайзиялык кызматташтык активдешкенден кийин эки жактуу сооданын көрсөткүчтөрү бара-бара өсүш алганына жана Малайзия менен ар кандай эл аралык жана аймактык платформаларда өз ара аракеттенип жатышкандыктарына токтолушту. Эки тараптуу кызматташуунун негизги багыттарын талкуулап, парламенттер аралык өз ара аракеттенүүнү кеңейтүүгө жана мурда жетишилген макулдашууларды ишке ашырууга, саясий, соода-экономикалык, инвестициялык, финансылык, билим берүү, туристтик жана маданий-гуманитардык тармактарда кызматташтыкты кеңейтүүгө, ошондой эле эки тараптуу мамилелердин келишимдик-укуктук базасын бекемдөөгө көңүл бурушту.

Президент Садыр Жапаров Кыргызстан Малайзияны Түштүк-Чыгыш Азия аймагындагы маанилүү өнөктөш катары караарын, анын АСЕАН жана башка аймактык уюмдардагы маанилүү ролун жогору баалай турганын белгиледи.

# РОТАЦИЯЛОО САЯСАТЫ ӨЗҮН АКТАГАН ЖОК

***Жогорку Кеңештин жыйынында Төрага Нурланбек Тургунбек уулу айыл өкмөт башчыларын ротациялоо саясаты өзүн актабагандыгын билдирди.***

Төрага Министрлер Кабинети сунуштаган мыйзам долбооруна ылайык, азыр айыл өкмөт болууну каалагандар өз айылына эмес, башка аймактарды жетектөөгө тартыларын белгилеп, бирок бул иш жүзүндө туура эмес натыйжаларга алып келгендигин айтты. “Шаар жана облус башчылары, акимдер арасында ротациялоо саясаты өзүн актаганы менен айыл өкмөттөр арасында андай жыйынтыкты көрө алган жокпуз. Бүгүнкү күндө ар бир районду карасак, экиден-үчтөн айыл өкмөттөрдүн ордулары бош турат. Башка айылдардан барып иштебей жатышат. Барса дагы эки ай, үч ай, эң көп дегенде төрт-беш айдан кийин кетип калышууда”, - деди.

Аталган маселе боюнча Президент менен сүйлөшүп, Министрлер Кабинетине тиешелүү тапшырмалар берилгенин айткан Нурланбек Тургунбек уулу, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин өкүлүнө тез арада мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизген сунушту алып келүү талабын койду. Төрага айыл өкмөттөр өз айылынан дайындалышы жакшы жыйынтык берерин түшүндүрүп берди.

# СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНӨКТӨШТҮК

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Дүйнөлүк банктын Борбордук Азия өлкөлөрү боюнча Регионалдык директору Наджи Бенхасин менен жолугушту.***

Жолугушууда Кыргыз Республикасы менен Дүйнөлүк банктын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыктын негизги маселелери, анын ичинде аны мындан ары кеңейтүүнүн перспективдүүлүгү талкууланды. Адылбек Касымалиев Дүйнөлүк банкка көп жылдык стратегиялык өнөктөштүгү үчүн ыраазычылык билдирип, уюмдун өлкө үчүн маанилүү долбоорлорду каржылоодогу маанилүү ролун баса белгиледи.

Жыйынтыгында тараптар Кыргыз Республикасы менен Дүйнөлүк банктын ортосундагы жемиштүү кызматташтыкты мындан ары да чыңдоого жана кеңейтүүгө жалпы ишеним билдиришти.

***Ошол эле күнү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Президенттин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиев Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) Борбордук жана Батыш Азия департаментинин башкы директору Лея Гутиеррес менен жолугушту.***

Адылбек Касымалиев Лея Гутиеррести жооптуу кызматка дайындалышы менен куттуктап, АӨБгө Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн ыраазычылык билдирди. Ал АӨБ республикадагы долбоорлорду колдогон алдыңкы эл аралык финансы институттарынын бири экенин баса белгилеп, өз ара пайдалуу кызматташтыкты мындан ары да чыңдоого ишеним билдирди.

Жолугушуунун жүрүшүндө Министрлер Кабинетинин Башчысы Кыргызстандагы экономикалык өсүштүн жогорку темпине көңүл бурду: акыркы үч жылда орточо өсүү 9%ды, ал эми үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларынын жыйынтыгы боюнча 11,5%ды түздү. Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун, Камбар-Ата ГЭС-1ди, Барскоон – Бедел автожолун куруу, ошондой эле калкты жеткиликтүү ипотекалык турак жай менен камсыз кылуу жаатындагы программаларды ишке ашыруу сыяктуу артыкчылыктуу долбоорлорду ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурулду.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШТИН ИЙГИЛИГИ



# ЭЛ АРАЛЫК РЕЗЕРВ 7 МЛРД ДОЛЛАРДАН АШТЫ

**Үстүбүздөгү жылдын 3-сентябрына карата Кыргызстандын эл аралык резервдери жаңы рекорддук чекке жетип, 7 млрд 21 млн долларды түздү. Бул 2025-жылдын башынан бери 1 933,1 млн долларга же 38 пайызга өскөнүн билдирет. 2020-жылдын августунда 3 млрд 71 млн долларга жетип, кайра 2 млрд 523 млрд долларга чейин түшкөн. Баарыбыз билгенден 2020-жылдын аягында бийлик алмашып, кескин бурулуш жасалган. 2021-жылдан тарта өсүүнүн үстүндө жүрүп отурду. 2021-жылдын күзүндө 3 млрд 241 млн долларга көтөрүлсө, 2022-жылы эл аралык каржылык резерв 2 миллиард 798 миллион долларды түзгөн. 2023-жылы 3 миллиард 236 миллион долларга жеткен. 2024-жылы дүң эл аралык резервдери 5 миллиард доллардан ашып түшкөн. Быйыл 7 миллиарддан ашты. Атамбаев алты жыл башкарып, бийликтен кеткен 2018-жылы 2,1 миллиард доллар болчу.**

Эл аралык резервдин ролу жана мааниси өтө чоң. Айта кетсек, резервдердин учурдагы көлөмү алдыдагы товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун болжол менен 5-7 айын жабат, бул эл аралык резервдердин жетиштүүлүгүнө коюлган сунушталган эл аралык критерийлерге шайкеш келет. 2025-жылы эл аралык резервдердин өсүшү ички жана тышкы рыноктордогу операциялардан түшкөн каражаттардын эсебинен, ошондой эле баалуу металлдардын дүйнөлүк рыногундагы жагымдуу шарттардын натыйжасында камсыздалды. Негизинен эл аралык резервдер улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн, баалардын туруктуулугун жана Кыргыз Республикасынын каржылык туруктуулугун колдоого, ошондой эле өлкөнүн эл аралык милдеттенмелерин өз убагында аткарууга пайдаланылат. Тагыраагы, эл аралык валюталар резерви – бул өлкөнүн акча-насыя саясатын жүргүзүүгө, валюталык рыноктогу курсту кармоого жана башка максаттарга колдонулчу мамлекеттик актив.

Улуттук банк ички жана тышкы экономикалык жагдайды эске алуу менен тиешелүү акча-кредиттик саясатты жүргүзүү аркылуу баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны сактап туруу максатында эл аралык резервдердин жетиштүү деңгээлин колдоого багытталган саясатын улантып келе жатат. Улуттук банк Кыргызстанда чет элдик валюталардын курсу кескин өзгөрүп кетсе резервдеги каражаттын рынокко сатып турат. Резерв негизинен алтын түрүндө сакталат. Калганы кубаттуу өлкөлөрдүн валютасына айлантылып кармалат.

## КООМДУК ТРАНСПОРТТОР КӨБӨЙҮҮДӨ

Жакында эле Президент Садыр Жапаров Бишкек шаарынын мэриясынын электробустарды жана газ менен жүрүүчү автобустарды тейлөө борборунун ачылышына катышып, коомдук транспортту өнүктүрүү маселесин калаа тургундарынын күнүмдүк каттамын жакшыртуу жана алар үчүн ыңгайлуу инфраструктура түзүү аракетинде мамлекеттин артыкчылыктуу багыттарынын бири экенин баса белгилеген.

Мамлекет башчысы өз сөзүндө транспорттук паркты жаңылоо менен катар экология маселесине көңүл бөлүп, калаа тургундарынын коомдук транспортун жакшыртуу менен катар шаардыктарга таза аба да өтө маанилүү экенин да билдирген. Эч кимибизге жалган эмес, күн салкындары менен борборубуз Бишкекте кара түтүн көйгөйү башталат. Албетте, бул канча жылдан берки жыйылып калган кризистин бири. 30 жылдык убакытта борбор калаада мамлекеттик масштабдагы кабат үйлөр курулбай, тегерек-четиндеги айдоо жерлерге козу карындай болгон жер тамдардын жайнап кеткендигинен улам ыш көйгөйү жаралды. Муну эми кыска аралыкта чечүү оңойго турбайт. Бирок, аракеттер жасалып баштады. Кара түтүндү көбөйтүүгө салым кошуп жаткан дизелдик отун менен жүргөн маршруттук таксилердин баары жок кылынды.

Акыркы төрт жылда Президент Садыр Жапаровдун аракети астында Бишкек шаардык транспорту болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. 2022-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен метан менен жүрүүчү Кытайдан 120 “Zhong Tong 6105” үлгүсүндөгү автобус алынса, 2023-жылы Европалык өнүктүрүү банкынын алкагында жалпы 124 даана “Golden Dragon” үлгүсүндөгү, 2023-2024-жылдары республикалык бюджеттин эсебинен “Zhong Tong 6105” үлгүсүндөгү 1000 автобус алынган. Андан кийин да токтогон жок. 2024-2025-жылдары республикалык бюджеттин эсебинен дизелдик күйүүчү май менен жүрө турган 85 ISUZU автобусу, 2025-жылы Азия өнүктүрүү банкынын алкагында электр энергиясы менен жүрө турган 120 электробус алынган. Ошондо төрт жыл ичинде жалпы 1449 ири габариттүү автобус сатылып алынып, линияларга киргизилди. Бул оңбогондой чоң каражат, ченемсиз мээнет. 30 жылдык тарыхта эч бир жетекчи мындай ишти жасай алган жок. Тескерисинче, бар нерсени талкалап жок кылышып, мүлктөрдү, имараттарды жеке колго сатып жиберишкен. Алардын бардыгы азыр бир чекеден кайтарылууда, ага жумурай-журт күбө болуп жатат.

Калааны коомдук транспорт менен камсыздоо иши мындан ары дагы токтобой тургандыгы аяк салууда. 2025-жылдагы инвестициялык макулдашуулар алкагында жыл аягына чейин дагы Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы алкагында 12 метрлик 100 автобус, KfW германиялык банкы алкагында 60 автобус келери айтылууда. Ошого катар борборубуздагы №1 жана №2 деполор масштабдуу реконструкциядан өтүп, №2 депо заманбап электробус тейлөөчү жана иштетүүчү борборго айланды. Мамлекет башчысы жаңы транспорттук комплекс Бишкектин коомдук транспорт каттамын камсыздоочу автобустар менен электробустардын ишенимдүүлүгүн жогорулатып, шаарлыктарды үзгүлтүксүз жана сапаттуу тейлөөгө өбөлгө түзөрүн баса белгилегенине күбө болдук.

## ЭҢ АЗ ПЕНСИЯ 7100 СОМ БОЛОТ

1-октябрдан тартып Кыргызстанда пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү көбөйгөнү турат. Атап айтсак, Министрлер Кабинетинин №534 токтомуна ылайык, 1-октябрдан тартып пенсия 7100 сомдон кем болбойт деп белгиленди. Былтыр 1-октябрдан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү 18% жогорулап, эң аз пенсия 6900 сомго жеткирилген эле. Ошого катар 1-октябрдан тарта пенсиянын камсыздандыруу бөлүгүнө кеминде 600 сомдон кошулат. Ал эми 50 миң сомдон көп суммада пенсия алгандарга эң көбү 5 миң сом кошулат. Социалдык фонддун маалыматына караганда, Кыргызстанда 50 миң сомдон жогору пенсия алган 800дөн ашуун адам бар.

## ЖӨЛӨК ПУЛ БЕРИЛЕ БАШТАЙТ

Келе жаткан жылдын 1-январынан баштап бийик тоолуу, жетүүгө кыйын аймактардагы жашоочулардын балдарына ай сайын жөлөк пул бериле тургандыгын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги билдирди. Жөлөк пул өзгөчө статусу бар айрым чек ара аймагындагыларга да берилмекчи. Тагыраагы, шарты катаал аймактарда жашаган үй-бүлөнүн үчүнчү жана андан кийин төрөлгөн баласына 3 жашка чыкканга чейин ай сайын жөлөк пул төлөнөт. Жөлөк пулдун өлчөмүн 3000 сом деп белгилөө сунушталууда. Министрлик бул мыйзамды ишке ашыруу үчүн ченемдик-укуктук актынын долбоорун даярдап, Президенттик Администрациянын кароосуна жөнөттү.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

---

Санарип жана IT багытында

# Ишкер айымдардын форуму




***10-сентябрда Кыргыз Республикасынын Аялдар Конгресси, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги жана Түрк маданиятынын эл аралык уюму тарабынан уюштурулган V эл аралык аялдар бизнес-форуму болуп өттү.***

Форумга КРнын Мамлекеттик катчысы Марат Иманкулов, Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Лю Цзяньпин, КРнын Соода-өнөр жай палатасынын президенти, экс-премьер-министр Темир Сариев, «ТҮРКСОЙ» уюмунун башкы катчысы Султан Раев баш болгон бир катар мамлекеттик органдардын, эл аралык коомчулуктун, бизнес чөйрөлөрүнүн, ошондой эле эксперттер жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышты. Форум аялдардын ишкердиктеги ордун чыңдоо, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, инвестиция тартуу жана улуттук маданий мурастарды дүйнөгө таанытууну максат кылат.

Иш-чаранын жүрүшүндө “Кыргыз-кытай аялдар үчүн санариптик өнүктүрүү” борборунун расмий ачылышы болду. Бул борбор аялдардын санариптик сабаттуулугун жогорулатуу жана заманбап технологияларга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү максатында Кыргызстан Аялдар Конгресси, Бүткүл Кытай аялдар федерациясы жана Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчилиги менен биргеликте ачылууда. Борбор санариптик жана IT багытындагы окууларды уюштурууга, киберкоопсуздук боюнча билимин жогорулатууга жана маалыматтык технологиялар менен иштөөгө үйрөтүүгө жана аялдарды заманбап компьютердик техника менен камсыздоого, ошондой эле техникалык колдоо көрсөтүүгө жардам көрсөтөт. Мындан сырткары Бүткүл Кытай аялдар федерациясы тарабынан аялдарды колдоо максатында айымдарга 83 даана ноутбук берилди. Аны Аялдар Конгрессинин төрайымы З.Акбагышева өлкөнүн булуң-бурчундагы өкүлдөргө расмий түрдө тапшырды. Бул демилге аймактардагы аялдарга да жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, аларды санариптик экономикага тартууга өбөлгө болот. Иш-чаранын жыйынтыгында катышуучулар диалогду кеңейтүүгө жана аялдардын бизнесин өнүктүрүүгө жана Кыргызстандын социалдык-экономикалык прогрессиндеги анын ролун жогорулатууга багытталган демилгелери биргелешип ишке ашырууга даяр экендиктерин билдиришти.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

ТАРЫХЫЙ КАДАМ

# 67 МИЛЛИОН СОМГО ТУРГУЗУЛГАН АСКЕР КОМИССАРИАТЫ






*6-сентябрь күнү Нарын облусунун Кочкор районунда аскер комиссариатынын жаңы имараты ачылды. Салтанатка Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев, Коргоо министри Руслан Мукамбетов, Кочкордон чыккан генерал-лейтенант, кезегинде эки ирет коргоо министри болгон Таалайбек Өмүралиев, коомдук жана саясий ишмерлер, Жогорку Кеңештин депутаттары, аскер кызматкерлери жана алардын үй-бүлөлөрү, ардагерлер, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана райондун тургундары, жаштар катышты.*

Район үчүн мааниси зор иш-чарага атайын ат арытып келген генерал-полковник Камчыбек Ташиев өз сөзүндө өлкө жетекчилиги тарабынан соңку жылдары улуттук жана аскердик коопсуздукту чыңдоого, аскер кызматкерлеринин кызмат өтөөсүнө татыктуу шарттарды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатканын баса белгиледи. Көз жоосун алган заманбап имараттын ар бир белмесүнөн өйдө кыдырган Камчыбек Ташиев салтанаттын соңунда Кочкор районунун аскер комиссарына ВАЗ-2121 "НИВА" автоунаасынын ачкычын, компьютердик жабдуулардын комплектисин тапшырды. Иш-чаранын катышуучулары комиссариаттын инфраструктурасы менен таанышып, сүрөткө түшүштү. Ошондой эле аларга майрамдык концерт тартууланды.

Буга дейре район тургундарына аскер комиссариат эскилиги жеткен, аргасыз абалдагы имараты менен белгилүү болгон. Эки жылга жетип-жетпеген убакытта эки кабаттуу имарат республикалык бюджеттин эсебинен эң кыска мөөнөттө курулду. Тагыраагы, 2023-жылдын декабрь айында курулушу башталган имарат бүгүн район борборундагы заманбап жаркыраган мекемеге айланган чагы. Имараттын курулушу менен андагы кызматкерлерге бардык ыңгайлуулуктар эске алынып, акыркы үлгүдөгү материалдык-техникалык база камтылса, комиссариаттын толук кандуу иштеши үчүн зарыл болгон кеңселер жана жайлар каралган.

## ООРУКАНАНЫН КУРУЛУШУН БАШТООГО "СТАРТ" БЕРИЛДИ

Атайын кызматтын башчысы Камчыбек Ташиевдин Кочкор районуна болгон жумушчу сапарынын алкагында аскердик комиссариаттын ачылышынан соң райондук оорукананын абалы менен жеринде таанышты. Анда эскилиги жеткен бир катар имараттарды бузуп, 4 кабаттан турган эки имарат курууну жана оорукананын айланасын жашылдандырууну жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө тапшырды. Өзгөчө райондун акими Баялы Досалиевге айрым тосколдуктар жаралса алакан жайып, көрүнгөн шылтоонун башын айтпай, берилген тапшырмаларга тез арада билек түрүнө шымалана ишке кириши керектигин генерал Камчыбек Ташиев тарабынан милдеттендирди. Ал эми курулуш иштерине тийиштүү акча каражаты Президент Садыр Жапаровдун стабилдештирүү фондунан каржыланары белгилүү болду. Алдыда курулуш иштерин тез арада баштоо жана анын сапатына, иштин аткарылышына тыкыр көз салуу милдети жергиликтүү УКМК бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилди.

## РАЙОНДУН ТАРЫХЫНДА БОЛБОГОН 900 МИЛЛИОН СОМ

Кар жатпас касиеттүү Кочкор районуна болгон сапарынын алкагында Камчыбек Ташиев райондогу бир катар ири социалдык маанидеги объектилерди жеринен көрүп чыкты. Анын ичинде райондук жалпы дарыгерлердин практикалык борборунун абалы менен таанышып, аны түп-тамырынан жаңылоо зарылдыгын белгиледи. Жаңы долбоор боюнча төрт кабаттан турган эки имарат жана дарыгерлер үчүн атайын жатакана курулат. Бул ири иштерге 500 миллион сом багытталат. Атайын кызматтын башчысы тарабынан райондогу маданий-спорттук чөйрөгө да өзгөчө көңүл бурулду. Кочкор районунун борборундагы Ормон Хан атындагы стадионду кеңейтүү жана кошумча шарттарды түзүү үчүн 100 миллион сом бөлүнсө, ошол эле айылдагы 5 гектар аянттагы сейил бакты толук реконструкциялоого дагы 100 миллион сом жумшалат. Мындай өзгөрүүлөр жергиликтүү калк үчүн эс алуу жана маданий жайлары жаңы деңгээлге чыгарат. Ал эми спортко кызыккан жаштар үчүн Кочкор райондук спорт мектеби заманбап талаптарга ылайык жаңы спорт комплекси болуп курулат. Аталган долбоорго 200 миллион сом каралган. Камчыбек Ташиев өз сөзүндө бул иш-чаралардын максаты – Кочкор элине ыңгайлуу шарттарды түзүү, аймактын өнүгүшүнө түрткү берүү экенин белгилеп, райондун жетекчилигине долбоорлорду тез арада ишке ашырууну тапшырды.

Райондун тарыхында мындай саамалыктар буга чейин болбогондугун жергиликтүү тургундар жашырышкан жок. Биз алардын айрымдарын сөзгө тарттык.



**Кочкор районундагы Кара-Суу айылдык кеңешинин депутаты Бактыяр Раманкулов:**

## "БИР КҮНДӨ ЭМЕС, 1 ЖЫЛДА ДА 900 МИЛЛИОН КОТОРУЛГАН ЭМЕС"

- Соңку убакта өлкө жетекчилиги тарабынан аймактарга өзгөчө көңүл бурулуп, жакшы саамалыктар бюрократиядан тыш, тез чечимдер менен ишке ашууда. Башкаларын айтпаганда да Кочкор районуна элдик генерал Камчыбек Ташиевдин жеке аракети менен бир күндүн ичинде 900 миллион сом бөлүнүп берилмей болду. Бул эмне деген аракет? Эгемендүүлүк ичинде хандар-бектер чыккан касиеттүү Кочкорубуздан кыргыз өкмөтүн башкарган 3 жетекчибиз чыккан. Менимче, алар бийликте турганда да Кочкорго 1 күндө эмес, бир жылда да 900 миллион сом которулбаса керек. Ушул ыңгайдан пайдаланып, бир сунушту силердин гезит аркылуу айта кетейин. Камчыбек Кыдыршаевич эми бир чыгынып, Кочкор районунун күн батыш аймагындагы айылдарыбызга келип, ондоп-түзөө талап кылынган маданият үйлөрүн бир кыдырып чыкса иш дароо чечилмек. Ушул сөзүмдү кеспей берсеңер балким үнүбүздү элдик генерал угуп калаар деген илгери үмүттөмүн.

Беркелүү күз

# КОШ МАЙРАМГА ДАЯРДЫК

***Ушул тапта Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги өлкө эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына карата "АгроТехЭкспо – 2025" аталышындагы республикалык агроөнөр жай көргөзмөсүн жана "Алтын Күз" айыл чарба жарманкесин өткөрүү боюнча даярдыкты кызуу ыргакта жүргүзүп жатат.***

Бул иш-чаралардын планы КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев тарабынан бекитилген. Бекитилген планга ылайык, министрликтин масштабдуу иш-чаралары үстүбүздөгү жылдын 17–19-октябрь күндөрү баш калаабыздагы Т.Усубалиев атындагы аянтта өткөрүлмөкчү. Күтүлүп жаткан саамалыкта айыл чарба, сугат техникаларын жана кайра иштетүүчү жабдууларды жаңы моделдерин, инновациялык технологияларды презентациялоо менен үрөндөрдүн, жер семирткичтердин, органикалык айыл чарба өндүрүшүнүн продукцияларын, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын коргоо каражаттарынын, ветеринардык препараттардын, аквакультуранын, токой чарбачылыгы боюнча экспозицияны уюштуруу, асыл тукум, өзгөчө породадагы малдардын, канаттуулардын көргөзмөсү болмокчу.

Ошондой эле айыл чарба техникаларынын лизинги көргөзмөнүн көркүнө көрк кошту. Республиканын агрардык секторунда ишке ашырылып жаткан долбоорлорго мамлекеттик банктардын каржылоо боюнча кызмат көрсөтүүсү жөнүндө толук маалыматтар берилери белгилүү болду. Пландалган бул иш-чарадагы эң негизги өзгөчөлүк асыл-тукум малдардын, таза кандуу, эт, сүт багытындагы ача туяктуулардын, көркөмү көз суктанткан жылкылардын көргөзмөсүн жогорку уюшкандыкта, мамлекеттик мааниде өткөрүү. Мындай иш-чаралардын бир артыкчылыгы Бишкек шаарынын тургундары жана конокторy үчүн экологиялык жактан таза айыл чарба азыктарын сатуу боюнча "Алтын Күз" жарманкесин уюштурулушу болмокчу. Саамалыктын соңу Т.Абдумомунов атындагы кыргыз академиялык драма театрында КР айыл чарба кызматкерлеринин күнү жана агрардык форумду өткөрүү менен аякташы маалым болду.

Мамлекеттик мааниде белгиленчү бул иш-чараларды жогорку уюшкандыкта өткөрүүнүн башында Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин биринчи орун басары Жаныбек Керималиев туруп, министрликтер жана ведомстволор аралык топ менен кызуу даярдыкты баштады.

**Бетти даярдаган Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



ЖАРЛЫКТЫН АЛКАГЫНДА

# ЫСЫРАПТЫ токтотууга эмне тоскоол?...

***Мындан 3 жыл мурда Мамлекет Башчысы Садыр Жапаровдун «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы чыккан. Буга байланыштуу тиешелүү мамлекеттик органдар, адистер аталган Жарлык жана 2024-жылдын 6-декабрында кабыл алынган №194 "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамдын талаптарын аткаруу боюнча иштер башталган.***

Бул боюнча Бишкек шаарында, аймактарда, райондук администрациялларда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча жумушчу топтор түзүлүп, ушу тапта да калкка түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматында дүйнөдө азык-түлүктүн 3,1%ы ысырап болуп, ашыкча түйшүк жаратаарын белгилейт. Бул көйгөй кыргыз коомунда да актуалдуу десек болот. Анткени үй-бүлөлүк салтанаттарда, маркумду эскерүү, акыркы сапарга узатуу жөрөлгөлөрүндө дасторконду тамак-ашка толтуруп, бодо мал союуну зарыл деп карманган үй-бүлөлөр көп.

### Куру намыс кайда алып барат?

Куру намыстын, ашыкча ысырыпкерчиликтин арты коомду социалдык жана экономикалык жактан экиге бөлүп, психологиялык кемсинүүгө түрткү жатат деген пикирлер коомчулукта көп айтылып келет. Аны менен катар элдин катмарында той-ашты эбактан келаткан каада- салтыбызды сактап өткөрүш керек, 90, 100 жашка чыккан жакыныбызды акыркы сапарга узатуу зыйнатында кантип мал союп, кан чыгарбай узатабыз деген тараптар да бар экени чын.

Ал эми Президентке караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы менен бирге калкка беш миңден ашуун түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлгөнүн билдирди. Аны менен катар улуттук агенттик "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп -адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар" жөнүндө Жарлыгынын негизинде элдин пикирин билип, коомдун жалпы маанайына байкоо салышкан. Бишкек жана Ош шаарында 2023-жылы сурамжылоо жүргүзүлүп, респонденттке үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чараларына тиешелүү суроолор узатылган. Сурамжылоого жалпысынан 2 шаардан 775 жаран катышкан. 25 жаштан 45 жашка чейинкилер "Атаандаштык, кур намыс, эл эмне дейт? Уят" деген түшүнүктөр бар экенин белгилешкен. Жаштар жана орто муун "ысырапкорчулуктан" эзилип, түйшөлгөнүн жана бул көйгөй менен күрөшүүгө кызыкдар экенин айтышкан. Сурамжылоодо "Бул кыргыз элинин каада-салты, жашоо образы жана бул нерсенин жок кылуу мүмкүн эмес" деп жооп бергендер да болгон. 35 жашка чейинки айрым жарандар, " Ресторан, кафе, тойканаларды көзөмөлдөп, үй-бүлөлүк маарекелерге катуу чараларды көрүп, тыюу салыш керек" десе, кээ бирлери "Коомчулукка түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл" экендигин айтып, сунуштарын берген.



**Бишкектин Свердлов райондук администрациясынын аппаратынын жетекчиси Назгүл Жамгырчиева:**

- «Тынчтык» жөнүндө Мыйзамдын алкагында райондук салык жана ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери менен биргеликте үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлдеринен ашууга жол бербөө боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Бул багытта Бишкектеги төмөндөгү «Ситора», «Омар Хайям», «Ават», «Дияр» кафелеринде, «Арзу» ресторанында, «Алтын казына», «Манап» банкет залдарында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Бул багыттагы иштерибиз улантылат.

### Тойлордун убактысына жаңы тартип кирет

Аны менен катар Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы "Тынчтык жөнүндө " №194 Мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзам калктын тынчтыгын жана эс алуу убактысын камсыз кылуу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салууга багытталган. Жакында бардык тойкана, көңүл ачуучу жайлар, коомдук тамактануучу жана башка жерлерде төмөнкү убакыт аралыгында үн басымдын белгиленген деңгээлден ашуусуна жол берилбейт. Бул жаатта иштер күчөтүлөт. Ошондой эле, той-маарекелерди аяктоо убактысы түнкү саат 00:00 эмес, 22:00дө деп белгиленип, тартип күчөтүлөт. Үн сигналдарына чемемдик талаптар Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет. Ушул Мыйзамдын ченемдерин бузган тараптарга укуктук баа берилип, айып пул салынат. "Тынчтык" жөнүндө мыйзамдын алкагында өлкө ичинде иштер жүргүзүлүүдө.



**Равшан ажы Эратов, Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгынын үгүт-насаат бөлүмүнүн адиси:**

- Диний башкармалык Кыргызстанда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча тапшырмаларды аткарууну улантып келет. Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгы тарабынан ысырапкерчиликтин алдын алуу багытында Фатва чыгарылган. Фатвада маркумду жайга коюу каадалары, көзү өткөн адамга эстелик коюу, өлүм чыккан үйдө мал союу, жыртыш айруу, ак, көк кийди деген жөрөлгөлөрдү болтурбоо камтылган. Фатваны аткаруу шарияттык милдет болуп саналат. Кыргыз коомчулугунда мурдагыга караганда, ашкере ысырапкерчиликти чектөөдө жылыш бар экени байкалат. Биз тараптан калкка түшүндүрүү, маалымдоо иштери улантыла берет.

**Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – акиминин орун басары Максатай Каримбердиева:**



- Лейлек районунда жер-жерлерде коомчулуктун жыйындары өткөрүлүп, ашыкча каада-салттарды, чыгымдарды кыскартуу боюнча чечимдер кабыл алынган. Ошону менен бирге кээ бир айылдык кеңештер тарабынан той-маарекелердин убагын кечки саат 22:00гө чейин чектөө боюнча да чечимдер чыккан. Бүгүнкү күндө тойкана, кафелердин саны көп болгон Раззаков шаарында шаардык кеңештин чечими чыгарылып, азыркы учурда көзөмөлдөнүп жатат. Ошондой эле калган 7 айыл аймак да көзөмөлгө алынган. Жер-жерлерде жумушчу топтор түзүлүүдө.

### Тойдон кийин да тон керек

Ар бир нерсенин адеби болгон сыяктуу, той өткөрүүдө ысырапкорчулук кылбай, чоң суммада карыз алып кыйналбастан, мүмкүнчүлүгүнө жараша өткөрүү абзел. Бул багытта көп жылдардан бери той алып барып жүргөн, атын атагысы келбеген алып баруучу акыркы жылдары той өткөрүү өзгөрүүгө багыт алганын айтат.

"Жакшылыкты ар бир адам бөлүшкүсү келет. Кээ бири тар чөйрөдө гана белгилөөнү каалайт. Бул нерсе ар бир үй-бүлөнүн түшүнүк, баалуулуктарына жараша болот го дейм. Кээ бири насыя алып, той берип карыз болуп калат, андан ары үй-бүлө мүчөлөрү миграцияга кетүүгө мажбур болушат. Өзүм күбө болгон жагдайлар бар, тойдон кийин, тойго кеткен чыгымды жаба албай калгандар да кездешет. Айрымдардын болсо той берүүгө кеткен чыгымдарды өздөрү каржылоого толук мүмкүнчүлүгү бар. Кээ бирлер той деле бербейт, ага кетчү каражатты саякатка арнагысы келет. Бул нерседе ар бир үй-бүлөнүн тандоосу маанилүү, ашыкча ысырап кылуу туура эмес көрүнүш",- дейт ал.

**Даярдаган Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ПРОКУРАТУРА БИЛДИРЕТ



# АЯЛДАРГА КАРАТА ЖАСАЛГАН ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК

***Бишкек шаарынын Октябрь районунун прокуратурасы тарабынан аялдарга карата жасалган зордук-зомбулук фактылары боюнча соттун кароосуна жиберилген кылмыш иштери боюнча мамлекеттик айыптоолор жүргүзүлүп, ал иштер боюнча кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү өз учурунда текшерилип, жыйынтыгы менен тийиштүү чаралар көрүлүп келет.***

Атап айтканда, 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту тарабынан аялдарга карата жасалган зордук-зомбулук фактыларына байланыштуу жалпы 16 кылмыш иши 17 адамга карата каралып, анын жыйынтыгында 5 адам эркинен ажыратылган, 5 адам айыпка кирипттер болгон, ал эми 2 адам жазага тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине жана 5 адам сотто жабырлануучулар менен элдешүүгө жетишкендигине байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулушкан.

Жогорудагы кылмыштарды мүнөзүнө жана квалификациясына бөлүп көрсөтө турган болсок, 6 иш аялдарга карата жасалган сексуалдык мүнөздөгү оор жана өзгөчө оор кылмыштар, ал эми калган кылмыш иштер ден соолукка залал келтирүүгө байланышкан анча оор эмес жана коркунучтуулугу аз кылмыштар болуп эсептелинет.

Ошондой эле жогоруда аталган аялдарга карата жасалган кылмыштардын ичинен 11 кылмыш эркектер жана 5 кылмыш аялдар тарабынан жасалган.

Көрсөтүлгөн кылмыш иштер боюнча кабыл алынган соттук актыларды окуп чыгуунун жыйынтыгы менен 3 иш боюнча кабыл алынган өкүмдөр мыйзамсыз жана негизсиз кабыл алынган деген негизде, аларга карата райондук прокуратура тарабынан апелляциялык тартипте Бишкек шаардык сотуна сунуштар келтирилип, анын жыйынтыгы менен 1 иш боюнча соттун өкүмү бузулган, ал эми калган 2 сунуш учурда кароо алдында турат.

Мындан сырткары көрсөтүлгөн мезгилде райондук прокуратура тарабынан Октябрь райондук сотунда аялдарга карата жасалган зордук-зомбулук, анын ичинде үй-бүлөөлүк зомбулукка байланыштуу укук бузуулар жөнүндө 137 ишке катышып, аларды кароонун жыйынтыктары менен 28 адам коомдук иштерге тартылган, 103 адам камакка алынган жана 5 иш өндүрүштөн кыскартылган.

Эгер, иш боюнча тараптар, тактап айтканда айыпкер, соттолгон, жабырлануучу же алардын өкүлдөрү жана жактоочулары кандайдыр бир кылмыш иштер боюнча кабыл алынган соттук актылар менен макул болбосо, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин талабына ылайык жогорку соттук инстанцияларга апелляциялык же кассациялык даттануу келтирүүгө укуктуу экендигин түшүндүрөбүз.

**Талант АКМАТБЕКОВ, Бишкек шаарынын Октябрь райондук прокурорунун улук жардамчысы**

АЙТЫЛА ТУРГАН СӨЗ ЭЛЕ...

# ЖАШ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ КӨППҮ?



***Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жаш ата-энелер үчүн курстарды түзүүнү сунуштады. Тиешелүү токтомдун долбоорун Министрлер Кабинети коомдук талкууга да чыгарды. Аталган министрликтин мамлекеттик деңгээлде жаш үй-бүлөлөрдү окутуу идеясы акыркы күндөрдө коомдо катталып жаткан түрдүү терс көрүнүштөргө байланыштуу болгону менен түшүндүрүлүүдө.***

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча учурда балдарды тарбиялоодо жаш үй-бүлөлөрдүн 15,7%ы гана мамлекет тарабынан колдоого ээ. 2017-жылы бул көрсөткүч 34,7%ды түзгөн. Демек, мамлекеттик колдоо көрсөткүчү азайып кеткен. Бул аралыкта Кыргызстанда 2021-жылы ажырашкандардын саны 2020-жылга салыштырмалуу 31,8%га өскөн. Мисалы, 2020-жылы 9128 ажырашуу катталган болсо, 2021-жылы 12 037 үй-бүлө эки жолго түшкөн. Бул акыркы 11 жылдагы рекорддук көрсөткүч катары катталган. Андан бери ажырашуулардын саны жылдан-жылга көбөйүүдө. Аны менен катар туугандарынын кароосунда калган мигранттардын балдарынын саны да өскөн. Ага кошумча 2025-жылдын башынан бери үй-бүлөлүк зомбулук фактыларынын саны 35%га өстү. Зомбулук көргөн жарандардын 47 пайызы өз үйүндө коркунучтун үстүндө жашап келгендигин айтышкан.

Андыктан маселени ортого салып, министрлик чечкиндүү кадамдарга барууну сунуштоодо. Окутуулар жаш жубайларга каржылык камсыздоону үйрөнүү, турак жай жана иш менен камсыз болуу, жубайлардын бири-бирине мамиле кылуусу, жаңы жагдайга жана жаңы туугандарга көнүү, заманбап үй-бүлөнүн туруктуулугун сактоо, тарбия сыяктуу көндүмдөрдү үйрөтмөкчү.

Психологдор болсо бул кадамдар колдоого аларлык деп, азыр жаш үй-бүлөлөр көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды өз алдынча чече алышпай тургандыгын айтышууда. Ал тургай азыр маселелер туугандар, достордун жардамы менен да чечилбей калган учурлары бар. Аймактарда жаш үй-бүлөлөр көйгөйлөрү менен көбүнчө Аксакалдар сотуна кайрылышат. Аксакалдар соту жарандардын ортосундагы мүлктүк талаш-тартыштар, жубайлардын ортосундагы мүлктү бөлүштүрүү, жер участкаларын пайдалануучулардын ортосундагы, анын ичинде сугат боюнча талаш-тартыштар жана майда-чүйдө ээн баштык, мазактоо, ушактоо, уруп-сабоо сыяктуу иштерди карап келишет. Бул институт тарабынан жыл ичинде ушундай тариздеги жалпы 1525 иш каралыптыр. Анын ичинен 130 иш чечилбей, сот органдарына өткөрүлүп берилген. Бүгүнкү күндө өлкө боюнча жалпы 425 аксакалдар соту иштейт. Анын 2496 мүчөсү болсо, 73%ын эркектер, 27%ын аялдар түзөт. Бирок, акыркы убактарда Аксакалдар сотуна да кайрылуулар азайып барат. Ал эми шаар жергесинде Аксакалдар сотуна кайрылып маселе чечкендер жокко эсе экендиги сурамжылоолордо аныкталган.

Жакында эле УКМК төрагасы Камчыбек Ташиевге 9 балалуу үй-бүлө кайрылып, үйсүз калганын айтып даттанганын социалдык желелерге тараган видеодон көрдүк. Анда Камчыбек Ташиевдин үй-бүлө куруууда, балалуу болууда жалпы жазылбаган жана жазылган мыйзамдардын бар экендигин түшүндүрүп жатканын көрүүгө болот. УКМК төрагасы жыйынтыгында 9 бала менен үйсүз калдык деген үй-бүлө тууралуу маалымат чогултуп, жардам берүүнү тапшырган. Көп өтпөй көп балалуу ата-эне буга чейин да элден жардам сурап, ашар жолу менен салынган турак жайын сатып жибергени, кийин айыл чарба багытындагы жерди үй салуу үчүн сатып алганы белгилүү болду. Мамлекет тарабынан ачыла турган окуу курстары үй-бүлөлөрдөгү дал ушундай көрүнүштөрдү алдын алуу милдетин ала тургандай болууда.

Азыр окутууларды түрдүү коучтар жана психологдор онлайн марафондор аркылуу жүргүзүп келишет. Бирок, коучтардын окутууларынын, лекцияларынын мазмуну терең иликтенип, алардын коомго жардамы тийип жатабы же тескерисинчеби көзөмөл кылына элек. Дин чөйрөсүндө жүргөн аалымдар да жаштарга тарбия берүү, үй-бүлөлөрдү сактоо темасында тартылган видео сабактарды жаздырып, таратуу менен алектенишет. Бирок, бул окутуулар да комплекстүү түрдө эмес. Андыктан эми квалификациялуу адистер, социалдык кызматкерлер, психологдор, медициналык кызматкерлерге кайрыла албай жана жардам ала албай жүргөн жаштар үчүн мамлекет окууларды өткөрүү планын койду. Окутуу курстарына 35 жашка чейинки ата-энелер катыша алышат. Артыкчылык аз камсыз болгон жана көп балалуу жаш үй-бүлөлөргө берилет. Республиканын ар бир районунан экиден жубайлар, Ош жана Жалал-Абаддан үчтөн жуп, Бишкектен 4 жуп тандоо пландаштырылууда. Жалпысынан программага 50 үй-бүлө катышат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

БАЛДАРДЫН БАЁО ДҮЙНӨСҮ

# ЖАҢЫ МУУНДУ АТА-ЭНЕ ЭМЕС, ДҮЙНӨ ТАРБИЯЛАП ЖАТАТ



***Бүгүнкү күндө дүйнөнүн бардык бурчунда "Z мууну" деген түшүнүк кеңири айтылып келет. Бул – санариптик доордо төрөлгөн, смартфон жана интернет менен чогуу чоңойгон жаштар. Алар үчүн маалымат булактары, социалдык тармактар жана медиа жашоонун табигый бөлүгү болуп калды. Бирок, дал ошол эле көрүнүш алардын психологиясына жана дүйнө таанымына терең таасир этүүдө. Учурда Кыргызстанда да бул муун өспүрүм кезин баштан кечирип, коомдун ар тармагына аралашып жатат. Алар жаңы идеялардын, жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн өкүлү. Бирок ошол эле учурда «депрессия, тынчсыздануу, көңүлдү топтой албай калуу сыяктуу көйгөйлөрдү башынан кечирүүдө» деп белгилешет айрым психологдор.***
***Бул – заманбап медианын түздөн-түз таасири.***

Демек, бүгүн Z мууну жөнүндө сөз кылганда, алардын санариптик чөйрөдөгү жашоосун жана ошол чөйрөнүн психологияга алып келген өзгөрүүлөрүн терең талдоо коом үчүн абдан маанилүү. Ушул доордо төрөлгөн Z мууну, башкача айтканда "зеттер" бүгүн мектеп партасында отурган, университетте билим алган жана жаңыдан жумуш дүйнөсүнө аралашып жаткан муун болуп калды. Азыр жашоону смартфон, интернет жана социалдык медиасыз элестетүүгө болбойт. Бирок ушул эле медианын алардын психологиясына тийгизген таасири коомчулук үчүн чоң суроолорду жаратууда.

Изилдөөлөргө таянсак, Z мууну 1997–2012-жылдар аралыгында төрөлгөндөр. Кыргызстанда алар бүгүнкү күндө мектеп окуучулары, студенттер жана жаш адистер.

Z муун тууралуу терең иликтеп жүргөн заманбап психолог айымдардын бири Барчынай Кадырбекова бул муундун өзгөчөлүктөрү тууралуу төмөнкүлөргө токтолгон: "Бул муунду ата-эне, мугалимдерден мурун дүйнө тарбиялап жатат. Биздин "кыргызча" кол көтөрүп, зордоп тарбиялаганыбыз аларга өтпөйт. Булар ата-энеге же мугалимге эмес, эркиндигине, укугуна, өзүнүн каалоосуна таянышат. Фальшты, рамкага түшкөндү жаман көрүшөт. Z муундун балдары интернеттен кооз сүрөттөр менен же күчтүү образдар менен жашоону кабылдап жатышат. Ата-эне сөз менен тарбиялайт, сөз адамга 7% гана таасир берет. Эмоция адамга 38% гана таасир берет. Ал эми сүрөт же образ мээге 55% таасир берет. Демек, тарбияда кайра эле интернет утуп кетип жатат. Алардын каармандары социалдык тармактагылар же оюндардагы каармандар. Ата-эне баласын түшүнүү үчүн алар менен тең тайлаша технологияны, психологияны окушу зарыл. Мезгил менен кошо жарышуу керек. "Биздин заманда мындай эле" деген рамканы жоготуу керек. Негизи эле улуу муундун милдети – азыркы муунду руханий жактан толтуруу... Кыргыздын өзөгүнө кайтуу менен, аларга ата-бабалар тууралуу айтып берүү менен, боз үйгө жашатуу, ат минип, кымыз ичирүү менен да толтурса болот. Табиятка чыгуу, тоо койнунда эс алуу сонун жыйынтык берет. Ички дүйнөсүн ачып баарлашуу, спорт менен машыктыруу аркылуу руханий дүйнөсүн толтура алабыз. Бул муундун артыкчылыгы илим-билимди тез кабылдайт, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жакшы билет, өзүн-өзү баалоосу күчтүү. Көргөн нерсесин ойлонуп отурбай тез жасайт, коркпойт. Байлыкка, статуска эмес, адамдарга, дүйнөгө кызмат кылгысы келген муун. Кемчилиги дайыма өздөрүн жалгыз сезет. Анткени, алар жашоосунда жок эле адамдарды каарман кылып алып жатышпайбы, чыныгы колдой турган адамы жоктой сезишет. Кийинки 10 же 20 жылдыкта Z муундун ар бирине бирден психолог керек болуп калган убак келет деп жатышат изилдөөчүлөр. Руханий жактан алсыз. Жан дүйнөсү бир нерсе менен толбой эле жүрө берүү коркунучу бар".

Психологдордун байкоосуна караганда, дүйнөдө акыркы он жылдыкта өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасында депрессия жана тынчсыздануу деңгээли кескин жогорулаган. Кыргыз коомунда да бул көрүнүш байкалууда. Айрыкча кыздар арасында сырткы келбетке байланышкан комплекстүүлүк арбын байкалат дешет.

Америкалык социолог-психолог Жонатан Хайдттын белгилөөсүндө, смартфондор жана социалдык медиа кеңири колдонулгандан кийин (2012-жылдардан тартып) өспүрүмдөр арасында тынчсыздануу жана депрессиянын деңгээли кескин өскөн. Z жаштарынын дээрлик жарымы социалдык медианы көп колдонуудан улам өзүн башкалардан "артта калгандай" сезери белгилүү болгон. Ал эми Кыргызстанда TikTok жана Instagram Reels сыяктуу платформалар кыргыз жаштарынын күнүмдүк жашоосуна бекем кирип кетти. Мугалимдер сабак учурунда балдардын көңүлү бат чачырап, бир нерсеге узак убакытка көңүл бура албай калганын айтышат. Психологдор муну "көңүл буруу экономикасы" ("attention economy") деп атап, креативдүүлүккө жана терең ой жүгүртүүгө тоскоол болот дешет.

Бирок медиа толугу менен терс көрүнүш эмес. Кыргыз жаштары интернет аркылуу билим алып, чет тилдерди, IT адистигин өз алдынча үйрөнүп жатышат. Көпчүлүгү онлайн-курстардан өтүп, дүйнөлүк деңгээлдеги мүмкүнчүлүктөргө жол ачууда. Ошондой эле социалдык темаларда активдүү болуп, климаттык өзгөрүү же адам укугу боюнча талкууларга катышып келишет.

Дагы бир өзгөчөлүгү, Z муун виртуалдуу дүйнөдө активдүү болгону менен жандуу байланыштарда кыйынчылык тартышат. Көпчүлүк жаштар интернет аркылуу жүздөгөн достору бар болсо да, чыныгы жашоодо жалгыздык сезимине туш болуп жатышат. Бул дагы алардын психологиялык абалына түздөн-түз таасир этүүдө. Психологдор муну "парадокс" деп аташат: онлайнда активдүү, офлайнда жалгыздык күчөйт. Ошол эле учурда көптөгөн жаштарда уйку жана биоритм көйгөйү бар. Түн ичинде телефон колдонуудан улам жетиштүү уктабай калышат. Эксперттер эскерткендей, жетишсиз уйку тынчсызданууну күчөтүп, агрессияга да алып келет.

Психологдордун кеңешине таянсак, адамдар өзүнүн жана балдардын медиа колдонуу убактысын көзөмөлдөп, турмуштагы жандуу баарлашууну жана спортту, чыгармачылык сыяктуу активдүүлүктү көбөйтүү менен көп көйгөйдөн арылууга боорун айтышат.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 2-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №24 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТЫНЫН ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЫНЫН КАДРЛАР РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ИШТӨӨСҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу жана антикоррупциялык механизмдерди киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-февралындагы №24 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервин түзүү жана иштөөсү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11. Конкурска катышууну каалаган адамдар "e-Kyzmat" мамлекеттик порталындагы жеке кабинети аркылуу:

– электрондук форматта өтүнмө берет;

– Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте анын жеке маалыматтарын берүүгө, чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун ырастайт;

– мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген антикоррупциялык чектөөлөрдү кабыл алууну ырастайт.

Өтүнмөгө электрондук форматтагы документтер (сканерленген документтер) тиркелет.

Өтүнмөгө тиркелген сканерленген документтердин тизмеги жана аларга карата талаптар мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Документтерди кабыл алуу мөөнөтү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан аныкталат, бирок конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат жайгаштырылган күндөн тартып 10 календардык күндөн кем болбоого тийиш. Документтерди кабыл алуу аяктаган мөөнөт конкурс өткөрүү жөнүндө жарыянын текстинде көрсөтүлөт.

Персоналды башкаруу кызматы же персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам автоматташтырылган маалыматтык системалардын жардамы менен талапкердин ким экендигин аныктайт.";

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"Конкурстук комиссия тарабынан аңгемелешүү өткөрүлгөн учурда аңгемелешүүнү видео жана аудио жазуу жүргүзүлөт.

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу Кыргыз Республикасынын алыскы райондорунда аңгемелешүү өткөрүлгөн учурда аңгемелешүүнү аудио жазууну гана жүргүзүүгө жол берилет.

Аңгемелешүүлөрдү видео жана аудио жазуулар мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын персоналды башкаруу кызматында белгиленген тартипте үч жыл бою сакталууга тийиш.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $16^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$16^{1}$. Конкурстун катышуучусунун жазуу жүзүндөгү арызы боюнча ал катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде ага аңгемелешүүнүн видео же аудио жазуусунун ага тиешелүү бөлүгүнүн гана көчүрмөсү берилет же болбосо аңгемелешүүнүн видео же аудио жазуусунун ал катышкан бөлүгүн көрүү/угуу уюштурулат.";

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Административдик бош кызмат ордуна дайындоо мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервинде турган адамдардын ичинен, же болбосо мыйзамдарга ылайык ротациялоо тартибинде мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан жүзөгө ашырылат. Бош административдик кызмат ордуна дайындоо бир мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чегинде мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрлар резервин жана муктаждыктарын эске алуу менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Кыйла жакшы даярдалган кесипкөй кадрлар менен камсыз кылуу жана кызмат боюнча көтөрүү, ошондой эле субъективдүүлүктү, кызыкчылыктардын кагылышуусун жана коррупциялык тобокелдиктерди болтурбоо максатында мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси бош административдик кызмат орундарына дайындоо үчүн кадрлар резервинен талапкерлерди тандоо тартибин аныктоого укуктуу.

Мындай тартип кесипкөйлүк, компетенттүүлүк жана кесиптик сиңирген эмгектеринин негизинде кызмат боюнча көтөрүлүү принциптерине негизделген талапкерди тандоо критерийлерин, анын бош кызмат ордуна карата бекитилген квалификациялык талаптарга шайкеш келишин, ошондой эле кадрлар резервинен дайындоонун ырааттуулугун кароого тийиш.

Бул Тартип мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечими менен бекитилет, ал бекитилген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде анын расмий веб-сайтына жайгаштырылат.";

– 27-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, коррупциялык жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы башка кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу болгондо, ошондой эле көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган учурда;".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №255***

## МУРДА ПАЙДАЛАНЫЛГАН КАТАЛИЗАТОРЛОРДУ, КАТАЛИЗАТОРЛОРДО КАМТЫЛГАН БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫН ШЛАКТАРЫН, КҮЛДӨРҮН ЖАНА КАЛДЫКТАРЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мурда пайдаланылган, алып жүрүүчүлөргө салынган, ЕАЭБ ТЭИ ТН 3815 товардык позициясындагы катализаторлорду; иштетилген катализаторлордогу металлдарды камтыган, металлды бөлүп алуу үчүн же химиялык реагенттерди өндүрүү үчүн гана жарактуу болгон, ЕАЭБ ТЭИ ТН 2620 товардык позициясындагы шлактарды, күлдөрдү жана калдыктарды; иштетилген катализаторлордо камтылган, негизинен баалуу металлдарды бөлүп алуу үчүн пайдаланылуучу, ЕАЭБ ТЭИ ТН 7112 товардык позициясындагы палладийдин, родийдин жана платинанын калдыктарын жана сыныктарын; ЕАЭБ ТЭИ ТН 8708 92 товардык позициясындагы катализаторлор болгон учурда үн басаңдаткычтарды жана газ чыгаруучу түтүктөрдү жана алардын бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө ушул токтом күчүнө киргенден кийин үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине жогоруда көрсөтүлгөн тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл болгон чараларды көрсүн.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-февралындагы №80 «Мурда пайдаланылган катализаторлорду, катализаторлордо камтылган баалуу металлдардын шлактарын, күлдөрүн жана калдыктарын Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга (экспорттоого) тыюу салууну киргизүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-сентябры, №571***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарын консолидациялоо, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** «Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети» мекемеси ага «Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети», «Талас мамлекеттик университети» жана «Баткен мамлекеттик университети» мекемелерин кошуу жолу менен кайра уюштурулсун.

**2.** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети ушул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын укуктары жана милдеттенмелери боюнча укук улантуучусу болуп эсептелет деп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө:

1) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

2) ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл уюштуруу, финансылык жана башка чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун сегизинчи, он биринчи жана он экинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы №172 «Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Указы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы №189 «Талас мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Указы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы №190 «Баткен мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Указы;

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 29-декабрындагы №646 «Талас мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» 2000-жылдын 25-июлундагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Жарлыгы.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №256***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫНА РЕЦЕПТ ЖАЗУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖАНА АЛАРДЫ БЕРҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Калкты дары менен камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу максатында, "Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 3, 5-бөлүктөрүнө, "Баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, алардын аналогдору жана прекурсорлору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Дары каражаттарына рецепт жазуу эрежелери 1-тиркемеге ылайык;

2) Дары каражаттарын рецепт боюнча берүү эрежелери 2-тиркемеге ылайык;

3) Саламаттык сактоо уюмдарында дары каражаттарына талаптарды (өтүнмөлөрдү) жазуунун жана тариздөөнүн тартиби 3-тиркемеге ылайык;

4) Рецепт бланктарын сактоо эрежелери 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) рецепт боюнча берилүүчү дары каражаттары эл аралык патенттелбеген аталыштары менен латын тилинде электрондук форматта жана/же кагаз жүзүндө – бекитилген үлгүдөгү рецепт бланктарына жазылат;

2) ушул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тиешелүү жылдарга бекитилген бюджетинин алкагында жүзөгө ашырылат.

**3.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги ушул токтом менен бекитилген рецепт бланктарынын формаларын саламаттык сактоо уюмдары тарабынан тираждоону контролдоону камсыз кылсын.

**4.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы №2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы №2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-майындагы №242 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы №2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-октябрындагы №571 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-сентябры, №572***

ДҮЙНӨ ЖАНА БИЗ

# "GEN Z" ЖАРАНДАР ЖАНА НЕПАЛ

**Непал – Түштүк Азиядагы тоолуу мамлекет. Ал түндүк жагында – Кытай Эл Республикасы (Тибет автономдук району менен), түштүк, батыш жана чыгыш жагында – Индия эки өлкө менен гана чектешет. Непал – деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү жок мамлекет. 2021-жылы өткөн Улуттук санак боюнча Непалдын калкынын саны 29 192 480 деп катталган. Анын географиясынын өзгөчөлүгү – Гималай тоолору, анын ичинде дүйнөдөгү эң бийик чокусу Эверест (Сагарматха) да ушул жерде жайгашкан. Непал өкмөтү интернеттеги соцмедиа платформаларын блоктогон. Өкмөттүн ал чечимине каршы митингге чыккан миңдеген жарандар менен 2025-жылы 8-сентябрда полиция кызматкерлери жана армиянын жоокерлеринин ортосунда кандуу кагылышуулар болгон. Анын кесепетинен 19 адам каза болуп, андан кийин жалпы каза болгондордун саны 25ке чейин жеткен деп расмий маалымдалууда. Айрым маалымат жайылтуучулар Непал мамлекеттик укук коргоо органдары менен Z муунунун ортосундагы кандуу кагылышууда жаракат алгандардын саны 600дөн ашканын билдирген. 9-сентябрда Непалдын премьер-министри менен ички иштер министри отставкага кеткенин дүйнө коомчулугуна жарыя кылды.**




Facebook, Instagram, Tik Tok, Youtube өңдүү, бардыгы 26 популярдуу соцмедиа барактары Непалдын өкмөтү жарыялаган мөөнөттө өлкөнүн Коммуникация министрлигинде каттоодон өтпөгөндүгүнө байланыштуу Непал өкмөтү тарабынан блоктолгону айтылган. 4-сентябрдан тартып блоктолгон интернет булактарына WhatsApp, X баракчалары да кошулган. Интернеттеги соцмедиа платформалардын Непал өкмөтү тарабынан блоктолгонунан өлкөдө байланыш үзүлүп, жашоосу, бизнеси токтоп калганын айтып, наразылык демонстрацияларына чыккан непалдыктардын көбү өзүлөрүн Z мууну деп атаган жаштар болгон. Алар Непалдын борбор шаары Катмандуда наразылык акциясына чыгып, парламенттин дарбазасына келип, имаратты көздөй жулунганда мамлекеттик укук коргоо органдары жыгач союл, суу атуучу куралдарды, резина окторду колдонууга аргасыз болгонун коммуникация министри билдирген.

Ошентип Непалда социалдык тармактар үчүн болгон күрөш трагедия менен аяктаган. Ал өлкөдө өткөн тынчтык демонстрациялары "Gen Z" (жаңы муун) бейрасмий уюмунун катышуусунда коррупцияга, интернет айдыңындагы социалдык платформалардын бөгөттөлүшүнө, жаштардын келечекке үмүтсүздүгүнө каршы чыгып, өкмөттү өзгөрүүгө чакырык таштаган. Непалда наразылык акциясына чыккан жаштар менен мамлекеттик укук коргоо органдарынын ортосунда 8-сентябрда кандуу каршылык акциялары башталган. Непал өкмөтү интернеттеги соцмедиа платформаларын блоктогон чечимге каршы тынчтык митингине чыккан жаштарга полиция тарабынан ок (кумдуу ок, желим ок) атылып, соңунда мамлекеттик укук коргоо органдары тарабынан колдонулган куралдуу күч менен "Gen Z" жаңы муунунун кагылышуусунан кан төгүлүп, анын кесепетинен кеминде 25 адам каза болуп, жүздөгөн адам жаракат алганы дүйнө коомчулугуна маалым болду.

Непал Федеративдик Демократиялык Республикасынын Премьер-министр Кхадга Прасад Шарма Оли 9-сентябрда кызматтан аргасыз кеткени, өкмөт социалдык тармактарга кирүүнү толук калыбына келтиргени жөнүндө расмий маалымдалды. Өкмөт башчы менен кошо бир катар башка министрлер да кызматтан кетүүгө аргасыз болгон, анын ичинде ички иштер, айыл чарба жана суу ресурстар боюнча министрлери да кеткени айтылууда. Бул көрүнүш митингге чыккан "Gen Z" кыймылынын талабын аткарып, өлкөдөгү окуяны жөнгө салуу максатында болгону дайын болду. Өкмөт улуттук чукул кырдаал кеңешин түзүп, каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө компенсация төлөп берүү, жарадарларга акысыз медициналык жардам көрсөтүү жана 15 күн ичинде териштирүүнүн жыйынтыгын тактап, тапшыруу чечимин кабыл алганын билдирген. Окуяга назар салып турган Бириккен Улуттар Уюм (БУУ) кырдаалга катуу тынчсызданусун айтып, Непалдын жаңы дайындалган расмий бийлигин тез жана ачык иликтөө өткөрүүгө чакырган.

Наразылык акциясына чыккан жаштар бул окуяларды мурдагы муундарга сыйынуу эмес, келечекке үмүттүү жашоону талап кылуу катары көрүшүүдө. Алар пандемиянын, коррупциянын кесепетинен, өлкөдөгү экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн начардыгынан келечектен үмүт үзүлүп калганын билдирген. Жаштардын социалдык платформаларга кирүүсү – бул алардын үнүн өкмөткө угузууга мүмкүн болгон негизги курал экенин тастыкташкан. Алар социалдык тармак аркылуу өкмөттөн карапайым элге, жаштарга урмат-сый жана ишенимдүү келечек талап кылышкан. Бирок алардын үнүн укпаган өкмөт башчы Шарма Олинин бийлигинин өз элине күч колдонуусунун кесепети 25 адамдын өмүрүн кыйып, жүздөгөн адамдарды жарадар кылуу менен аяктаган.

"Gen Z" – бул англисче "Generation Z" дегенден кыскартылган сөз. Кыргызча «Z мууну», же «Z муунундагы жарандар» деп түшүнүүгө болот. Бул муунга болжол менен 1995–2010-жылдардын аралыгында туулган жаштар кирет. Башкача айтканда, азыркы күндө 15 жаштан 30 жаштын тегерегиндеги адамдар. "Gen Z" муунунун өзгөчөлүктөрү, алар интернет жана смартфон менен чоңойгон биринчи муун – "digital native". Социалдык тармактар аркылуу саясий жана жарандык активдүүлүгүн көрсөткөн муун. Алар билим, эркиндик, теңчилик жана социалдык адилеттүүлүк темаларына өзгөчө көңүл бурушат. Салттуу саясий партиялардан көрө түз аракеттерди, онлайн кыймылдарды жактырышат. Непалдагы кандуу кагылышууда "Gen Z" жарандар – өлкөнүн жаштары, студенттер жана жаңыдан коомго аралашып жаткан муун – коррупцияга жана өкмөттүн социалдык тармактарды жабышына каршы көчөгө толкуп чыккан негизги күч болгон.

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ "GEN Z" МУУНУ

Кыргызстан эгемендүүлүктүн отуз жылдан ашуун мезгилин артта калтырып, ал учурда коомдун ар бир катмары өзгөрүүгө дуушар болду. Бирок акыркы он жылда коомдук турмушка жаңыча ой жүгүрткөн, санарип менен чоңойгон муун – "Z мууну" активдүү аралашып келүүдө. Алардын дүйнө таанымы ата-энесинен кескин айырмаланып, саясий процесстерден тартып маданий баалуулуктарга чейин жаңычылдык алып келүүдө. «Биздин үн – TikTok менен Telegramдан башталат» деген Санариптик доордун жаңы үнү угула баштаганы боюнча маалыматтар бар. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери үч муун алмашты. Азыркы Z мууну дүйнө элдериндей эле 1995–2010-жылдар аралыгында төрөлүп, санарип доорунун балдары катары тарбияланып келаткан жаштар. «Z мууну – бул эс тарткандан баштап интернет менен чоңойгон Кыргызстандагы алгачкы муун. Алар үчүн дүйнө чек арасыз, маалымат булактары эркин, мүмкүнчүлүктөр чексиз болушу керек», - деп белгилешет эксперт-социологдор. 2020-жылдагы Кыргызстандын октябрь окуясында митингдердин алдыңкы сабында турган жаштардын көбү Z муунунун өкүлдөрү болгону маалым. Адилетсиз өткөн шайлоонун жыйынтыгына наразылыгын билдирип көчөгө чыгуу менен катар алардын Telegram – чаттары, TikTok – видеолору жана Facebook – посттору саясий курал катары колдонулганы талашсыз.



Маданият тармагына келсек, комуз менен "K-pop" айкалышы да өзгөчө мааниге ээ. K-pop («Korean pop» же «кореялык популярдуу музыка») – Түштүк Кореядан чыккан заманбап музыкалык агым. Ал поп, рэп, рок, R&B, электрондук музыка сыяктуу ар түрдүү жанрларды аралаштырып, уникалдуу стиль жаратат. K-pop дүйнөгө өзгөчө төмөнкү багыттар менен таанылган: Айдол (идол) системасы – атайын тандалып алынган жаштар көп жылдык даярдыктан өтүп, андан кийин атайын топторго биригип же жеке ырчы катары дебют жасашат. Көркөм шоу-программа – ырдаган, бийлеген жана сахналык образды бириктирген чыгыш маданиятына мүнөздүү көрүнүш. Фанат маданияты – шоу жылдыздарынын дүйнө жүзүндөгү миллиондогон күйөрмандары биригип атайын клубдарды түзүп, сүйүктүү топторуна ар тараптан колдоо көрсөтөт.

Глобалдуу таасири жөнүндө сөз кылсак, BTS, BLACKPINK, EXO, TWICE сыяктуу топтор дүйнөлүк музыка алкагында лидер болуп, Корея маданиятын (Hallyu — «корея толкуну») бүтүндөй жер шарына жайылтууга жетишкени маалым. Тагыраак айтканда, K-pop жөн гана музыка эмес, ал – глобалдуу маданий феномен, музыка, бий, мода жана күйөрмандар ааламын камтыган чоң индустрия.

Айдол системасы – бул K-pop индустриясынын негизги модели, анда жаш таланттарды атайын агенттиктер (SM, YG, JYP, HYBE ж.б.у.с.) чакырып алып, көп жылдык машыгуулардан өткөрүп, андан кийин гана сахнага чыгарышат. Аларды тандоо (audition) шартына келсек, агенттиктер дүйнө жүзү боюнча сынактарды өткөрүп, ырдай алган, бийлей алган, харизмасы күчтүү жаштарды тандап алышат. Даярдык же машыгуу – trainee (машыктыруучу мезгил) убактысы дебютка чейин айдолдор 3 жылдан 10 жылга чейин машыгышы мүмкүн. Алар ырдоо, бийлөө, сахналык жүрүш-туруш, тил үйрөнүү (англисче, жапончо, кытайча) боюнча үзгүлтүксүз сабак алышат. Ошол эле учурда алар темирдей тартипти сакташат. Сырткы келбет, жүрүм-турум, социалдык медиадагы аракеттер көзөмөлгө алынып турат. Андан соң агенттиктер даяр болгон топту же жеке ырчыны (solo idol) расмий тааныштырып, чоң жарнама менен дебютка – сахнага, дүйнө коомчулугуна алып чыгат.

Айдолдун негизги милдети жөн гана ырдап-бийлөө эмес, күйөрмандар менен активдүү байланыш түзүү, реалити-шоуларга катышуу, социалдык медиада иштөө. Алар коомго үлгү катары көрсөтүлөт, ошондуктан көп учурда «идеалдуу адам» образын карманып турушат. Күйөрмандык маданият жөнүндө сөз кылсак, айдолдор менен фанаттардын байланышы өзгөчө. Ар бир айдолдун жеке жана топтук «фандому» болот (мисалы, BTS – ARMY, BLACKPINK – BLINK). Фандом (же фандомдор) – бул фильм, китеп, телесериал, музыкалык топ же видео ролик болобу, ошол эле маданий феноменге күйгөн адамдардын субкультуралык жамааттары. Фандомдор альбом сатып, концерт уюштурууда, онлайн добуш берүүдө чоң роль ойнойт. Башкача айтканда, айдол системасы – фабрика сыяктуу, таланттарды тандап алып, узак убакыт бою даярдап, анан идеалдуу образдагы артисттерди дүйнө коомчулугунун назарына алып чыгуу. Эл аралык алака – ааламдашуу процессинде ээлеген орду чоң.

Кыргыз Z мууну маданий жактан эки дүйнөнүн ортосунда жашайт. Бир жагында – улуттук баалуулуктар, эпостор, улуттук оюндар. Экинчи жагында – K-pop, рэп, TikTok тренддери. Жаштар комуз чертип жатып, ошол эле учурда кореялык топторду да угат. Улуттук кийим кийип, бирок аны замандын стили менен айкалыштырат. «Бул муун маданиятты жоготпойт, тескерисинче, аны жаңылап, дүйнөлүк деңгээлде көрсөтө алат», - дейт эл аралык маданий эксперттер. Экономикада фриланс менен стартаптын дооруна токтолсок, Z муунунун өкүлдөрү үчүн мамлекеттик кызмат эң акыркы орунда болуп калат. Алар фриланс, IT жана стартап тармагына көбүрөөк умтулушат. Кыргызстандагы жаштардын арасында графикалык дизайн, программалоо, мобилдик тиркеме иштеп чыгуу сыяктуу кесиптер популярдуу. Алардын көпчүлүгү чет өлкөлөрдөн билим алууга жана иштөөгө умтулат. Статистикага ылайык, 2023-жылы Кыргызстандагы эмгек мигранттарынын ичинде 25 жашка чейинки жаштар 35 пайызды түзгөнү аныкталган.

Z мууну үчүн эң негизги түшүнүктөр – эркиндик, теңдик жана айлана-чөйрөгө кам көрүү. Гендердик теңчиликке өзгөчө көңүл бурат. Алар кыз-жигит тең укуктуу болушу керек деп эсептешет. Айлана-чөйрөгө көңүл буруп, экологиялык акцияларга активдүү катышышат, «жашыл экономика» демилгесин колдошот. Сөз эркиндигинин ролу алар үчүн абдан жогору. Ар бир пикирди ачык айтуу – алардын жашоо философиясы. Жумушсуздукка, максатсыз миграцияга, мамлекеттик институттардагы коррупцияга каршы. IT тармагын өнүктүрүүгө, санарип экономикасын өркүндөтүүгө, жарандык коомдун күчөшүнө мүмкүнчүлүк түзүүнү каалашат. Жыйынтыктап айтканда, Z мууну – Кыргызстандагы эң жигердүү жана эң эркин ой жүгүрткөн катмар. Алар саясатта жаңы лидерлерди талап кылып, улуттук жана глобалдык маданиятты айкалыштырып, экономикада санариптик мүмкүнчүлүктөрдү колдонууга умтулган муун. Алар «Биздин ата-энелер көчөдө революция жасаса, биз интернетте революция жасайбыз» - деген максат менен алдыга кадам таштап келатат. Z муунунун үнү күндөн-күнгө күчөп баратканын байкоого болот. Алардын багыты улуу муун тарабынан туура колдонулса, Кыргызстанды зор ийгиликтерге, жаңы мүмкүнчүлүктөргө алып барары талашсыз. Анткени, алар дүйнөлүк алакадагы ааламдашуу процессинин активдүү өкүлдөрү.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



Бишкек шаарындагы №12 медициналык борбор

**"НАК-Строй" курулуш компаниясынын негиздөөчүсү жан**

# "БАШТАПКЫ КӨП ЖЫЛДЫК ТОПТОЛГОН ТАЖ

**Элибизде "Аракет кылса Эмгектенген адамдын мэ жетээрин турмуш өзү да курулуш тармагы абдан көрктөндүрүп жаткан ал Ушул чөйрөдө өз ордун т "НАК-Строй" курулуш ко Усупбаев эгемендүүлүк ж чеберчилигин арттырып бере алган ишенимдүү ко**

***"НАК-Строй" ишканасы өлкөдөгү ири салык төлөөчү компаниялардын катарына кирип, мамлекеттин казынасына олуттуу салым кошууда. Ошол эле учурда көптөгөн курулуш долбоорлорун ийгиликтүү ишке ашырып, элге керектүү шарттарды түзүп берүүдө. Бүгүнкү маегибизде Эдилбек Усупбаевдин ишкердикке болгон көз карашы, башынан өткөргөн сыноолору жана ийгиликтүү жолунун сырлары жөнүндө сөз кылабыз.***

**- Эдилбек мырза, ишканаңызды кантип түптөп калдыңыз эле? Менимче, бул суроо баарыбызга эле кызык болсо керек.**

- Чынында, баары жөнөкөй башталган. Курулуш тармагында катардагы жөнөкөй жумушчу болуп иштеп, кандай жумуш болсо да тандабай, ар бир жумушумду ак ниеттүүлүк менен аткарып берүүгө аракетим күч эле. Ошол себептүү, көпчүлүк жумуш берүүчүлөр "Чакан ишканаңыз болсо, бизге юридикалык жак менен иштешүү ыңгайлуу" деген сунуштарын айта башташты. Албетте, дароо эле ишкана ача калууга дааган жокмун. Анын түмөн-түйшүгүн ойлоп, убакыттын талабы менен 2011-жылы "НАК-Строй" аттуу чакан ишканабызды каттоодон өткөрүп, ишибизди баштап калдык. Негизи биздин мамлекетте компания ачууда өзгөчө татаал процедуралар деле жок. Каалаган адам нотариуска барып арыз жазып, ишканасын каттоодон өткөрө алат. Ошондо болгону өздүгүмдү тастыктаган паспортум менен эле барып, ишканамды каттоодон өткөргөм. Кызыгы, ошол убакта каттоо үчүн 300 сомдой төлөсөм керек.

**- Ошол убакта ишканаңызды иштетип кетүү үчүн кандайдыр бир капиталыңыз болгонбу?**

- Ишкана иштетүүгө капиталым деле болгон эмес. Колумда болгон байлыгым - курулуш тармагында иштеп тапкан тажрыйбам. 15 жашымда борбор шаарыбызга келип, политехникалык техникумда билим алдым. 1990-жылдары өлкөбүздө кайра куруу заманы жүрүп, кыйынчылык каптап турган учур эмес беле. Шаарга келгенде жатаканада жашап, өз жаныбызды өзүбүз багып, жашоонун күнгөй-тескейин көрдүк.

Ал убакта мамлекетибизде жумушсуздук күч эле. Окууну бүтүп, иштейли десек ылайыктуу деле жумуш жок. Атамдын карындашы Жыпар эжем курулушта иштечү. Ага кошулуп алып курулуштун баарын үйрөндүм.

**- Жеке жактарда иштеп жүрүп, кийин бала бакча, мектеп, оорукана сыяктуу социалдык объектилерди кура баштаптырсыз. Биринчи жолу ишке ашырган чоң долбооруңуз тууралуу айтып өтсөңүз?**

- Албетте, башында эле бизге чоң долбоорлор даяр турган жок. Үч жылдай майда-барат жумуштар менен иштеп, 2014-жылы биринчи жолу мамлекеттик социалдык объект боюнча 44 миң сомго буйрутма алдык. Бул жумушубуз мектептин ичин оңдоп-түзөө жумуштары болду. Ошол учурда биздин ишкана менен буйрутма берген мекеменин ортосунда түзүлгөн келишимди колума алганда кандай толкунданганымды, канчалык кубанганымды сөз менен айтып жеткириш кыйын. Өзүмдүн компаниям аркылуу биринчи жолу ишкананын эсеби менен акча алуу бул өзүнчө сыймык эле. Эң башкысы, биз ошол мектептин оңдоп-түзөө жумуштарын жоопкерчилик менен аткарып бердик. Натыйжада, андан соң башка социалдык объектилерди да куруп, бүгүнкү күндө бир топ долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашырдык.

**- Ишканада канча адам иштечү эле?**

- Саналуу эле адам иштечүбүз. Тапкан каражатым үнөмдүү болсун деп жумуштун көбүн өзүм жасап жүрдүм. Курулуш тармагына тиешелүү жумуштардын дээрлик баарын өз башыман өткөргөндүктөн, бүгүнкү күндө кол алдымдагы ар бир жумушчунун эмгегин терең түшүнөм. Ошол себептүү мен жумуштун көлөмүнө эмес, анын сапаттуу болушун ар дайым биринчи орунга коём.

Башында бухгалтер жалдаганга деле каражатым жетпей, төрт жылдай ишканамдын эсеп-чотун өзүм жүргүзүп турдум. Анан убактылуу келип-кеткен кызматкерлер менен иштешип, кийин бара-бара туруктуу адистерди тартып, акырындык менен командабызды түздүк.

Бүгүнкү күндө компаниябызда 19 адам туруктуу жумуш менен камсыз болгон. Курулуш объектиси башталганда жумушчу күчүнө болгон муктаждык кескин көбөйөт. Мисалы, ири долбоор менен иштеп баштаганда бир жыл ичинде 200дөн 500гө чейинки жумушчулар менен иштешебиз. Албетте, ар бир долбоордо сөзсүз түрдө кесипкөй адистерди тартууга аракет кылабыз. Анткени, курулушта коопсуздук, сапат жана жоопкерчилик биринчи орунда турат.

**- Иш жүргүзгөнүңүздөргө 15 жылдай болуп калыптыр. Бул убакта кандай долбоорлорду ишке ашыра алдыңыздар?**

- Биздин ишкананын эң чоң сыймыгы – мамлекеттин өсүп-өнүгүүсүнө өз салымыбызды кошуп, социалдык багыттагы курулуштарды жүргүзүп, кичинекей бөбөктөргө, мектеп окуучуларына, дарыгерлерге кубаныч тартуулоодобуз. Алсак, Бишкек шаарында 225 орундуу №16 мектепти курдук. Ошондой эле борбор шаарыбызда 1500 чарчы метр аянтты камтыган төрт кабаттуу №12 Үй-бүлөлүк медициналык борбордун курулуш процессин баштан аяк жүргүздүк. Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Кара-Булуң айылына 100 орундуу заманбап бала бакча салдык. Эгемендүүлүктүн 34 жылдыгына карата Президентибиз Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен 100 объектти ачуу долбоору боюнча Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Терек айылында Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборун куруп, элдин пайдалануусуна бердик. Андан сырткары, Талас шаарында Германия мамлекетинин грантынын негизинде каржыланып, салынып жаткан Перинаталдык оорукананын курулушун жүргүзүп жатабыз. Учурда курулуштун 25%ы бүтүп калды.

**- Мектеп, бала бакча, оорукана салууда курулуш компаниялары тарабынан мүчүлүштүктөр жаралып, кайра башынан курууну талап кылган жагдайлар жок эмес...**

- Бул жерде эң биринчи кезекте жоопкерчилик маселеси турат. Жоопкерчилиги бар адам алган ишин кандай кыйынчылыктар болбосун аягына чейин бүтүрөт. Ошондуктан мен командама "Кандай долбоор албайлы ар бир ишти жоопкерчилик менен жасагыла" деп айтып келем. Ар бир жумушту чыдап иштеп, убагында өткөрүп берүү - бул биздин негизги милдетибиз. Биздин компаниянын баалуулугу - кардарларыбызга чынчыл жана адилеттүү мамиле кылууну карманабыз.

Азыркы учурда курулуш тармагындагы чоң көйгөйлөрдүн бири квалификациялуу адистердин жетишсиздиги болууда. Мыкты деген адистердин көпчүлүгү чет өлкөлөрдө иштеп жүрөт. Бүгүнкү күндө курулуш тармагында чет жактан келип иштеген жарандар басымдуу болуп, алар каражат табуу максатында гана келгендер болууда. Эч нерсе билбей эле келишип, бул жактан иш жүзүндө тажрыйба алышууда. Ошондуктан мен чет жерде жүргөн курулушчуларга мекенибизге кайтып келип иштегиле, бизге тажрыйбалуу адистер абдан керек. Ошо чет жактан таап жаткан каражатты өз жерибизден деле иштеп тапса болот дегим келет. Курулушта ар ким өз жөндөмүнө жараша да каражат таба алат. Мисалы, бизге кафель койгон жигит келип 3 ай ичинде 600 миң сом каражатты жеке өзү иштеп таап кетти. Эми мындай мисалдарды айта берсек арбын.

**- Мамлекет тарабынан каржыланган социалдык долбоорлор тендер аркылуу жүргүзүлүп, тендердин ишине канааттанбаган тараптар да жок эмес. Бул боюнча сиздерди канааттандырбаган жагдайлар барбы?**

- Чынын айтсам, биздин курулуш компаниябыз иш жүргүзүп келе жаткан жылдар ичи олуттуу тоскоолдуктар деле жаралган жок. Биз үчүн тендер Кыргызстандын кайсы аймагында болбосун катыша беребиз. Эгер жасаган ишиң жер карай тургандай абалда эмес, ишти таза, сапаттуу жасай турган болсоң, эч ким тоскоолдук кыла албайт.



Ишкананын эмгек жамааты

ИЙГИЛИК КОШТОГОН ИШКАНАДА

## …на башкы директору Эдилбек УСУБАЕВ:

# …КАПИТАЛЫМ – …К ЭМГЕГИМДЕН …РЫЙБА БОЛДУ”

**…ң - берекет” деп бекеринен айткан эмес. …ээнети сөзсүз жемишин берип, максатына …лилдеп келет. Азыркы учурда Кыргызстанда …ыкчам өнүгүп, шаарларды жана аймактарды …дыңкы компаниялардын саны арбыды. …атыктуу тапкан ишканалардын бири – …омпаниясы. Анын башкы директору Эдилбек …кылдары менен кошо өсүп-өнүгүп, кесиптик …, бүгүнкү күндө атаандаштыкка туруштук …омпанияны түптөй алды.**



Албетте, социалдык имараттарды куруу боюнча тендерге катышууда тажрыйба чоң роль ойнойт. Мисалы, эгер сен буга чейин 50 млн сомдук долбоорду ишке ашырсаң, кийин комиссия сага 70-80 млн сомдук жумушту ишенип бериши мүмкүн. Бул туура эле система. Анткени, чоң суммадагы долбоорду ишенимдүү колго тапшыруу үчүн тажрыйба шарт.

**- Демек, бул жылдар ичинде сиздер ишенимдүү өнөктөштөрдү жарата алыпсыздар да...**

- Ооба, ишенимдүү өнөктөш - бул тармакта ийгиликке жетүүнүн башкы шарты. Ушунча жылдан бери курулуш тармагында иштеп жатып кимдин кандай иштээрин жакшы билебиз. Ар бир долбоорду баштаар алдында өнөктөштөрүбүз менен 5-6 ай мурун сүйлөшүүлөрдү жүргүзөбүз. Азыркы учурда курулуш тармагында кесипкөй жумушчулардын саны абдан тартыш болуп жаткандыктан жоопкерчиликти сезе билүү абдан кажет.

**- Эдил мырза, сиз жөнөкөй жумушчудан баштап жетекчиликке чейинки жолду басып өтүптүрсүз. Компанияны туруктуу кармап, бир нукка салуу оңой эмес. Бул жолдо сиз кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз?**

- Ооба, оңой болгон жок. Ишкананы ачып коюу менен эле иш өзүнөн-өзү жүрүшүп кетпейт экен. Башында кызматкерлер менен тил табышуу, алардын ишке болгон мамилесин туура жолго салуу абдан кыйын болду. Кээде жумушка келип, айрым кызматкерлеримдин көңүл кош мамилесин көрүп, кейиген учурларым да болду. Бирок ошол эле маалда жакшы иштеген компанияларды көрүп, “Мен да ушундай деңгээлге жетишим керек” деп өзүмдү шыктандырып жүрдүм.

Ошентип жүрүп мен Швейцариялык BPN программасы жөнүндө уктум. Бул ишкерлерди колдогон атайын программа экен. Өзүмдү жетекчи катары өнүктүрүү максатында алардын окууларына, семинарларына катыша баштадым. Ал жактан алган билимим мени чыныгы жетекчи болууга шыктандырып, чоң тажрыйба берди. Кийин кызматкерлеримди да ошол жакка жөнөттүм. Алар да жаңы билимге ээ болуп, жоопкерчилик менен иштөөгө мотивация алышты. Чынын айтсам, BPN программасынын жардамы менен ишканабыздын өндүрүмдүүлүгү кыйла өстү.

Бул программада алар ар бир адамдын оюн угуп, идеясына мүмкүнчүлүк берет экен. Мисалы, ишкерлер үчүн бизнес жүргүзүү маданиятын, башкаруу ыкмаларын, кардар менен кантип иштеш керек, команданы кантип башкаруу зарыл, финансылык пландоону кантип туура жүргүзүү керектигин үйрөтөт.

**- Сиздердин компанияны интернет желесинен германиялык өнөктөштөр издеп таап, сиздерге окутуу борборун салдырган экен. Бул кандай болду эле?**

- Ооба, бул окуя кызык эле болгон. Смета түзүп иштеген кызматкеримдин немис тилин билээринен кабарыбыз бар эле. Бизге Германиядан экологиялык уюмдан күтүүсүздөн телефон чалуу келип, алар менен сүйлөшүп, интернет желесинен эле ишканабыздын жасап жүргөн иштерин жактырып, биз менен иштешүүнү каалап жаткандыктарын билдиришти.

Алар спутниктен изилдөө жүргүзүшүп, Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Тал айылы жактагы токойдун кыйылышына байкоо жүргүзүшүптүр. Бул экологиялык уюм ал жактагы үйлөрдүн жылытуу системасына кабатыр болушуп, жылуулуктун баары эле үйдүн чатыры, терезе-эшиктери аркылуу чыгып кетип жатканын байкашып, ошол айылга көрсөтмө курал катары күндүн нуру менен жылытыла турган, жылуулукту үнөмдөй турган үйдү салдырышты. Алардын изилдөөлөрү боюнча бак-дарактын кыйылышы дарыянын нугунун агышына жана жан-жаныбарлардын байырлоосуна да терс таасирин тийгизет дешти. Себеби, Ак-Тал айылы Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан.

**- Сиздер курулуш тармагында долбоордун негизинде гана иш жүргүзөсүздөрбү же өзгөртүү киргизе аласыздарбы?**

- Албетте, мүмкүнчүлүк бар. Бардык өзгөртүүлөр мыйзам чегинде жүргүзүлөт. Эгер биз сунуш кылган долбоор оптималдуу деп эсептелсе, долбоорду карап чыгып, макулдугун беришет. Бардык иш-аракеттер долбоорчу менен буйрутма берүүчү тарап жана аткаруучулардын ортосундагы тыгыз макулдашуу менен жүргүзүлөт.

Бүгүнкү күндө “НАК-Строй” курулуш компаниясы тарабынан курулган ар бир курулуш объектиси компаниябыздын тарыхындагы өзгөчө барак. Себеби, ар бир курулган мектеп, бала бакча же ар бир салынган ооруканanyн артында миңдеген адамдардын тагдыры, балдардын келечеги, элдин ден соолугу турат. Бул долбоорлор биздин компания үчүн негизги демилге болуп саналат. Биз ар дайым ишке даярбыз.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**



Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылындагы ҮДБ



Ат-Башы районунун Кара-Булуң айылындагы бала бакча



Ак-Талаа районунун Ак-Тал айылындагы көрсөтмө үй



Бишкек шаарындагы №16 мектеп

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ДИН ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИКТИН АЛДЫНДАГЫ ДИНИЙ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК КЫРДААЛДЫ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Дин жана этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу максатында, аталган багыттар боюнча маселелерди комплекстүү чечүүнүн топтолгон оң тажрыйбасын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын алдындагы Диний кырдаалды изилдөө борбору Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борбору деп кайра аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин алдындагы Диний жана этностор аралык кырдаалды изилдөө борбору жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Бул Жарлык бекитилген штаттык сандын, тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары үчүн каралган каражаттардын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

**4**. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик ушул Жарлыктан келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**5**. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2015-жылдын 3-ноябрындагы №220 "Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын айрым маселелери жөнүндө" Жарлыгынын 2-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №257***

## МАМЛЕКЕТТИК-ЖЕКЕ ӨНӨКТӨШТҮКТҮН АЛКАГЫНДА "ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН "ЖЕҢИШ" ПАРКЫН МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ЖАНА БАШКАРУУ" ДОЛБООРУН "ДОЛБООРДУК КУМ КОРГОН" РЕЖИМИНДЕ ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаарындагы "Жеңиш" паркын модернизациялоо жана башкаруу боюнча мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун "долбоордук кум коргон" режиминде ишке ашыруу максатында, "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 18-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн алкагында "Жалал-Абад шаарынын "Жеңиш" паркын модернизациялоо жана башкаруу" долбоорун "долбоордук кум коргон" режиминде ишке ашыруу жактырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик мамлекеттик өнөктөштү аныктасын жана кызыкдар тараптын атынан "Турсумамат" жоопкерчилиги чектелген коому менен "долбоордук кум коргон" режиминде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө расмий тилдеги макулдашууга кол койсун.

**3**. Жогоруда аталган долбоорду, анын ичинде финансылык бөлүгүн деталдуу иштеп чыгуу ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн макулдашууга кол коюлгандан кийин мамлекеттик жана жеке өнөктөш тарабынан жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-сентябры, №574***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

10-пунктта "93", "244" деген цифралар тиешелүү түрдө "94", "243" деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги үчүн бекитилген штаттык сандын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-сентябры, №576***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУ ТАРАБЫНАН МАМЛЕКЕТТИК ТОПТОЛУУЧУ ПЕНСИЯЛЫК ФОНДДУН ПЕНСИЯЛЫК ТОПТОО КАРАЖАТТАРЫН ТӨЛӨӨ ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонддун пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө тартибин регламенттөө максатында, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонддун пенсиялык топтоо каражаттарын төлөө эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ушул токтом менен бекитилген жогоруда аталган Төлөө эрежелерине ылайык Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонддун пенсиялык топтоо каражаттарын төлөөнү төмөнкүдөй тартипте камсыз кылсын:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурдан тартып, – каза болгон камсыздандырылган адамдын мураскорлоруна;

2) 2013-жылдын 1-январынан тартып:

– Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоого кеткен жана кетип жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга;

– жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө эсепке алынган пенсиялык топтоолору бар жана 2012-жылдын 1-январынан тартып Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулган иштеп жаткан пенсионерлерге;

3) 2013-жылдын 1-январынан тартып, бирок мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу боюнча пенсияга укук пайда болгон күндөн эрте эмес, – камсыздандырылган адамдардын төмөнкү категорияларына:

– 2012-жылдын 1-январынан тартып пенсиянын топтоо бөлүгүн түзүүдөн чыгарылган: 1964-жылдын 1-январынан мурда төрөлгөн эркектерге жана 1969-жылдын 1-январынан мурда төрөлгөн аялдарга;

– "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсияга чыгып жаткандарга;

– "Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсияга чыккандарга.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №338 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июнундагы №310 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 26-декабрындагы №710 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-октябрындагы №523 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-апрелиндеги №124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №261 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-декабрындагы №711 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

9) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-октябрындагы №559 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №329 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 "Кыргыз Республикасынын социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**4.** "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коомуна ушул токтомду ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен өз ара аракеттенүүнү улантуу сунушталсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №578***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Электрондук ведомстволор аралык маалымат алмашууга өтүү жолу менен жарандардан мамлекеттик органдар тарабынан документтердин көчүрмөлөрүн милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүү талаптарын жокко чыгаруу (жөнөкөйлөтүү), жол-жоболордон өтүү мөөнөттөрүн кыскартуу жана административдик тоскоолдуктарды азайтуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-июнундагы №312 «Кыргыз Республикасынын башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын жетекчилерин кызмат ордуна дайындоо, кызмат ордунан бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын жетекчилерин кызмат ордуна дайындоо, кызмат ордунан бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө жободо:

– 10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«10. Конкурска катышуу үчүн талапкерлер конкурс жарыялаган ыйгарым укуктуу органдын кадр кызматына төмөнкүдөй документтерди берет:

– паспорт («Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу санариптик форматта, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо, түп нуска);

– арыз;

– кадрларды эсепке алуу боюнча толтурулган өздүк баракча (иш жүзүндө жашаган жердин дарегин жана телефонду көрсөтүү менен);

– резюме;

– билими жөнүндө документ жана анын тиркемелери («Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу санариптик форматта, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо, түп нуска);

– электрондук эмгек китепчеси, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо – эмгек китепчесинин түп нускасы;

– соттолбогондугу жөнүндө маалымкат («Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу санариптик форматта, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан берилген кагаз түрүндө);

– 3х4 өлчөмүндөгү 2 сүрөт.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы $10^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$10^{1}$. Документтерди кабыл алуу конкурс жарыялаган ыйгарым укуктуу органдын кадр кызматынын жооптуу кызматкери тарабынан жүзөгө ашырылат.

Талапкер билими жөнүндө документтин жана эмгек китепчесинин түп нускаларын аларды электрондук түрдө алуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурда гана берет. Билими жөнүндө документтин жана эмгек китепчесинин берилген түп нускалары кадрдык кызматтын ыйгарым укуктуу (жооптуу) кызматкери тарабынан алар текшерилгенден жана күбөлөндүрүлгөндөн кийин талапкерге кайтарылып берилүүгө тийиш.»;

– 11-пунктта «конкурс жарыялаган» деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-февралындагы №79 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоо тартиби жөнүндө жободо:

– төмөнкүдөй мазмундагы $13^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$13^{1}$. Талапкер берилген документтердин ырастыгы жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы $43^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$43^{1}$. Эмгек келишимдери Конкурстун жеңүүчүсү тарабынан билими жөнүндө документтер (алардын тиркемелери менен) «Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу санариптик форматта, ал эми техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо – алардын түп нускалары, ошондой эле электрондук эмгек китепчеси, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо, эмгек китепчесинин түп нускасы берилгенде гана түзүлөт.».

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы №273 «Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандап алууну өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандап алууну өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«13. Конкурска катышууну каалаган талапкер билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталуучу тартипте документтерди тизмеге ылайык (сканерленген, электрондук түрдө) берет.

Талапкер берилген документтердин ырастыгы жана аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы $46^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$46^{1}$. Эгерде талапкер конкурска катышуу үчүн документтерди тапшырууда же тестирлөөдөн өтүүдө ушул Жобонун талаптарын бузса жана бул бузуулар тестирлөө өткөрүлгөндөн кийин табылса, конкурстук комиссия өзүнүн чечими менен талапкердин жыйынтыгын жокко чыгарат.

Жыйынтыгы жокко чыгарылган талапкер (соттуулугу бар талапкерден башка) жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга өбөлгө болгон себептер жоюлгандан кийин конкурска катыша алат.»;

– 47, 48-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«47. Ыйгарым укуктуу орган:

1) конкурс аяктагандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде республикалык бюджеттен каржылануучу мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна жеңүүчүнү 6 айдан кем эмес сыноо мөөнөтү менен дайындайт, аны менен эмгек келишимин түзөт;

2) конкурс аяктагандан кийин 3 жумуш күндүн ичинде жергиликтүү бюджеттен каржылануучу мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна конкурстун жеңүүчүсүн андан ары дайындоо үчүн конкурстун жыйынтыктары жөнүндө билим берүүнү башкаруунун региондук (аймактык) органына маалымдайт.

48. Билим берүүнү башкаруунун региондук (аймактык) органы кабарлоону алган учурдан тартып 3 жумуш күндүн ичинде конкурстун жеңүүчүсүн 6 айдан кем эмес сыноо мөөнөтү менен жергиликтүү бюджеттен каржылануучу мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна дайындайт, аны менен эмгек келишимин түзөт.

Эмгек келишимдери конкурстун жеңүүчүсү тарабынан «Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу санариптик форматта билим жөнүндө документтер (алардын тиркемелери менен), ал эми техникалык мүмкүнчүлүк жок болгондо – алардын түп нускалары, ошондой эле электрондук эмгек китепчеси, же болбосо техникалык мүмкүнчүлүк жок болсо – эмгек китепчесинин түп нускасы берилгенде гана түзүлөт.».

**4.** Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-сентябры, №570***

## БААЛУУ КАГАЗДАРДЫ ЖАНА ГЛОБАЛДЫК ДЕПОЗИТАРДЫК ТИЛ КАТТАРДЫ ЖАЙГАШТЫРУУ ЖАНА ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН САЛЫКТЫК ЖЕҢИЛДИКТЕР ЖАЙЫЛТЫЛУУЧУ ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК БИРЖАЛАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Баалуу кагаздарды жана глобалдык депозитардык тил каттарды чыгаруу жана жүгүртүү үчүн ыңгайлуу шарттарды, ошондой эле инвестициялык каражаттарды тартуунун натыйжалуу механизмин түзүү максатында, калк үчүн финансылык инструменттердин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуучу жана кирешелердин альтернативдүү булагын кошумча түзүүчү чет өлкөлүк биржаларда листингге ээ болгон баалуу кагаздардан түшкөн кирешелерге салыктык жеңилдиктерди берүүгө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 191, 213, 249-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Баалуу кагаздарды жана глобалдык депозитардык тил каттарды жайгаштыруу жана жүгүртүү үчүн салыктык жеңилдиктер жайылтылуучу чет өлкөлүк биржалардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-сентябры, №573***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 414, 457 ЖАНА 461-БЕРЕНЕЛЕРИН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 414, 457 жана 461-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салыктын ставкасы 1-тиркемеге ылайык;

2) Аймагында өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык колдонулуучу Кыргыз Республикасынын базарларынын жана чакан базарларынын реестри 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №84 "Иштин түрлөрү боюнча патенттин негизинде салыктын базалык суммасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 4-пунктча менен толукталсын:

"4) соода чөйрөсүндөгү иш 4-тиркемеге ылайык.";

2) бул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакциядагы 4-тиркеме менен толукталсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемесинде:

– 21-пункт "жеке эмгек ишин жүргүзгөн" деген сөздөрдөн кийин "чек ара жанындагы" деген сөздөр менен толукталсын;

– 22-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 22 | Жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууну, такси кызмат көрсөтүүлөрүн жана курьердик кызмат көрсөтүүлөрдү заказ кылуу үчүн колдонулуучу, салык агентинин маалыматтык системасы аркылуу ишке ашырылуучу кызмат көрсөтүүлөрдү кошпогондо, курьердик иштин кызмат көрсөтүүлөрү | 53.20.0 | 1000 |

";

– 30-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2) 500 кв. метрге чейинки турак эмес аянттын 1 объекти үчүн (1 квадрат метр үчүн) | 68.20.0 | 700 |

".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-мартындагы №141 "Эсеп-фактураны колдонуу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пунктта:

– 2-пунктчада:

үчүнчү абзацта "товарларды," деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– соода ишин жүргүзгөн жана патенттин негизинде салык төлөгөн салык төлөөчүлөргө;";

– 3-пунктчада "0,1, 0,5 жана 1 пайыздык ставкалары боюнча соода ишин жүргүзгөн, ошондой эле өзгөчө режимдеги соода зоналарында соода ишин жүргүзгөн учурда" деген сөздөр "0,5 пайыздык ставкасы боюнча соода ишин жүргүзгөн, ошондой эле товарларды экспорттоо учурларын кошпогондо, өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык төлөгөн" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Эсеп-фактураны түзүүнүн жана жүгүртүүнүн тартибинде:

– 6-глава төмөнкүдөй мазмундагы $61^{3}$-пункт менен толукталсын:

"$61^{3}$. Ушул Тартиптин $61^{1}$-пунктунда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, электрондук эсеп-фактуралардын маалыматтык системасынын катышуучулары катары каттоого жана эсеп-фактураларды тариздөөгө карата талаптар жайылтылбаган жактардан товарларды сатып алууда салык төлөөчү ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган тартипте товарлар жөнүндө маалыматтарды эсеп-фактуралардын маалыматтык системасына киргизет.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №193 "Контролдук-кассалык машиналарды киргизүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Өзүнүн ишинин спецификасына же жайгашкан жеринин өзгөчөлүгүнө жараша контролдук-кассалык машиналарды колдонбостон акчалай эсептешүүлөрдү жүргүзө алган субъекттердин тизмесинде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 36-пунктча менен толукталсын:

"36) патенттин негизинде иш жүргүзүүдө салык төлөөчү тарабынан товарларды сатуу.".

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-июлундагы №385 "Кыргыз Республикасында эсептик-контролдук маркаларды киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

2-пунктта:

– 1-пунктчада "2025-жылдын 15-июлунан" деген сөздөр "2026-жылдын 1-январынан" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 2-пунктчада "1-февралынан" деген сөздөр "1-июлунан" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** Бул токтом 2025-жылдын 15-июлунан тартып күчүнө кирүүчү 5-пунктун кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-сентябры, №575***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 5-ДЕКАБРЫНДАГЫ №649 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЛИМАТТЫК КАРЖЫЛОО БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-декабрындагы №649 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Климаттык каржылоо борбору жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Климаттык каржылоо борбору жөнүндө жободо:

– 8-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 11-ноябрындагы №125 "2015-жылдын 12-декабрында Париж шаарында кол коюлган Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча Париж макулдашуусун ратификациялоо тууралуу" Мыйзамы менен ратификацияланган Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча Париж макулдашуусунун (мындан ары – Париж макулдашуусу) 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн алкагында инвестицияларды илгерилетүүгө, климаттын өзгөрүүсү жаатындагы программаларды жана долбоорлорду ишке ашырууга, "жашыл" экономика жана көмүртек рыногунун долбоорлорун өнүктүрүүгө көмөктөшүү;";

– 10-пунктта:

2-пунктчанын үчүнчү, төртүнчү абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Париж макулдашуусунун 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн алкагында климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялоо боюнча долбоорлорду, "жашыл" экономика жана көмүртек рыногунун долбоорлорун каржылоо боюнча сунуштарды иштеп чыгууга;

– Париж макулдашуусунун 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн алкагында климаттын өзгөрүүсү чөйрөсүндө сунушталган жана ишке ашырылган долбоорлорго, "жашыл" экономика жана көмүртек рыногунун долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүгө;";

8-пунктча "климаттын өзгөрүүсү" деген сөздөргө чейин "Париж макулдашуусунун 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн алкагында "жашыл" экономика жана көмүртек рыногу долбоорлору," деген сөздөр менен толукталсын;

– 11-пункттун 7-пунктчасы "долбоорлорду жана программаларды" деген сөздөрдөн кийин ", анын ичинде Париж макулдашуусунун 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн алкагында "жашыл" экономика жана көмүртек рыногу долбоорлорун" деген сөздөр менен толукталсын;

– 15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"15. Климаттык борбордун директорунун бир орун басары болот, ал директордун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

Директордун орун басары Климаттык борбордун директоруна түздөн-түз баш иет жана ага жүктөлгөн милдеттердин жана ыйгарым укуктардын чегинде ишти уюштурат. Климаттык борбордун директору жок учурда анын функцияларын ээлөө убактысы жөнүндө жазуу жүзүндөгү буйрукка ылайык директордун орун басары аткарат.";

– 17-пунктта "орун басарлары" деген сөздөр "орун басары" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-сентябры, №579***

## 2026-жылдагы ажылык үчүн кезекте турган талапкерлерге эскертүү

***Урматтуу 2025-жылдагы ажылык сапары үчүн тиешелүү 2000 АКШ долларын жана 1200 сом төлөмдөрүн Элдик Банкка (РСК) төлөп, төлөгөн 2000 АКШ долларын кайтарып алып ажылык базада 2026-жылдагы ажылык үчүн кезекте турган талапкерлер, кайрадан алгачкы 2000 АКШ долларын 2025-жылдын 10-сентябрдан баштап 22-сентябрына чейин Элдик Банкына (РСК) төлөшсүн, квитанциясын жана талапка ылайык тиешелүү документтерин жаңылап, облустук жана шаардык Казыяттарга караштуу аймактык операторлорго алып барып тапшырышсын.***

## 2026-жылдагы ажылык сапарына баруучу жаңы талапкерлердин эсине

***2025-жылдын 23-сентябрынан баштап 2026-жылдагы Ажылык сапарына баруучу жаңы талапкерлерден Элдик Банкына (РСК) (ажылык-2026 эсебине) алдын ала баштапкы 2000 АКШ доллар жана кайтарымсыз 1200 сомдун негизинде төлөм кабыл алынат. Төлөм кабыл алуу 23-сентябрдан Банкттык эсеп боюнча квота толгон убакытка чейин кабыл алынат, квота толгондо төлөм кабыл алуу токтотулат.***

Ажылыкка талапкерлердин төлөнгөн убактысын эске алуу менен квитанциясынын негизинде Кыргызстан боюнча жандуу тизме (живая очередь) менен каттоого тургузулат.

Элдик Банкына (РСК) (ажылык-2026 эсебине) алдын ала баштапкы **2000 АКШ доллар** жана кайтарымсыз **1200 сом** төлөгөн талапкерлер электрондук (Eid) же ID-карт паспорттун негизинде **2025-жылдын 23-сентябрынан баштап 2-октябрь (2-октябрды кошо эсептегенде) саат 17.00гө чейин** керектүү иш кагаздарын толуктап облустук жана шаардык Казыяттарга караштуу аймактык операторлорго алып барып катталуусу зарыл.

**ЭЛЕКТРОНДУК КАТТООГО КАТЫША ТУРГАН АЖЫГА БАРУУЧУЛАРГА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР:**

**1.** 2026-жылдагы Ажылыкка каттоо тартиби бир гана электрондук (Eid) же ID-карт паспорттун негизинде жүргүзүлөт.

**2.** Ажылык наркынын ичинен алдын ала баштапкы 2000 АКШ доллар Элдик Банкына (РСК) (ажылык-2026 эсебине) төлөгөндүгү тууралуу квитанциянын түп нускасы.

**3.** Ажылыкка катталуу үчүн кайтарымсыз төлөмдүн Элдик Банкына (РСК) (ажылык-2026 эсебине) төлөнгөн 1200 сом квитанциясынын түп нускасы.

**4.** Тышкы паспорту.
- электрондук (Eid) паспорт менен Тышкы паспорт бир баракка көчүрүлүүсү зарыл.
- Тышкы паспорттун жарамдуулук мөөнөтү 2026-жылы 30-ноябрь айына чейин бүтүүсү жараксыз.

**5.** Аял киши үчүн махрамдын болуусу шарт.
Күйөөсү менен барса нике күбөлүгү, ал эми башка эркек махрамы менен барса туулгандыгы тууралуу күбөлүк талап кылынат. 1981-жылы январь айында төрөлсө туулгандыгы тууралуу күбөлүгү же нике күбөлүгүнүн көчүрмөсү талап кылынат, ал эми февраль айында төрөлсө документтин түп нускасы талап кылынат.

**6.** 3х4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт.
- Сүрөт түстүү, ак фондо, жылтырабаган (матовый) кагазда болуусу шарт.
- Аялдар үчүн сүрөткө ак жана кара жоолук, ал эми эркектер ак көйнөк жана ак баш кийим менен түшкөнгө болбойт.
- Фотошоп программасы менен оңдолуп-түзөлгөн сүрөттөр жараксыз деп таанылат.

**7.** 2025-жылдын 23-сентябрь айынан баштап алынган №086у формасындагы медициналык справка жана Психиатрдан жана Наркология бөлүмүнөн оорулуу эместигин тастыктаган аныктама.

**8.** Персоналдык маалыматтарды иштеп чыгууга макулдугун берген катка кол коюу.
(ID-карт паспортунда көрсөтүлгөн колу гана жарактуу).

**9.** Келишимге кол коюу жана Ажылык базага киргизүү. (ID-карт паспортунда көрсөтүлгөн колу гана жарактуу).

**10.** Ажыга баруучунун кийим размери жана жеке телефон номери каттап жаткан операторго берүүсү талап кылынат.

**11.** Ажылыкка баруучу жарандын жашы 18 жаштан төмөн болбоосу шарт. (2026-жылы 18 жашка толуучу жарандар ажыга барууга укуктуу).

**12.** Сауд Араб Падышалыгы тарабынан же САПтын ажылык базасынан (Масар электрония) виза алуу учурларда мурда ажыга барган талапкерлерге калькуляциядан тышкары кошумча төлөмдөр пайда болсо, ажыга баруучу талапкер өзү төлөйт (бул маалыматты операторлор мурда ажыга барган ар бир ажыга баруучуга тааныштырып, келишимге кол койдурсун).

**Эскертүү:**
- 2026-жылы ажылыкка баруучу жарандар КМДБ тарабынан жарыяланган мөөнөттүн ичинде каттоодон өтүүгө тийиш. Андан кечиккен жарандар каттоого алынбайт.
- Эгер төлөм учурунда ажылыкка берилген орундар (квоталар) толуп калса Элдик Банкына (РСК) акча төгүү мөөнөтү токтотулат.
- Жогорудагы талаптар өзгөртүлсө же кошумчаланса маалымдайбыз.



## УПРАВЛЕНИЕ АГРАРНОГО РАЗВИТИЯ МОСКОВСКОГО РАЙОНА

**предоставляет земли ГФСУ в аренду семеноводческим и племеноводческим хозяйствам, сельскохозяйственным кооперативам и приоритетным субъектам сельского хозяйства.**

| № | Контур (место расположение) | Площадь (га) | Вид угодий | Условия предоставления | Срок аренды |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 324 | 22 | Орошаемая пашня | прямое | 5 лет |
| 2 | 324 | 5 | Орошаемая пашня | прямое | 5 лет |
| 3 | 83 | 8 | Богарная пашня | конкурс | 5 лет |
| 4 | 38 | 9 | Богарная пашня | прямое | 5 лет |
| 5 | 326 | 15 | Орошаемая пашня | прямое | 5 лет |
| 6 | 260/262 | 20 | Богарная пашня | прямое | 5 лет |
| 7 | 324 | 10 | Орошаемая пашня | прямое | 5 лет |
| 8 | 45 | 8 | Богарная пашня | прямое | 5 лет |
| 9 | 121 | 26 | Богарная пашня | прямое | 5 лет |
| 10 | 83 | 3 | Богарная пашня | конкурс | 5 лет |
| 11 | 83 | 4 | Богарная пашня | конкурс | 5 лет |
| 12 | 324 | 12 | Орошаемая пашня | прямое | 5 лет |
| | Итого | 142 | | | |

Прием документов осуществляется **до 16.09.2025 года,** дата начало аренды **с 01.10.2025 года**.

**Справки по телефону: (03131) 5-17-01, (0990) 88-22-02.**

С/О 793

***Токтогул районунун Ничке-Сай айыл аймагынын тургуну Мамырканов Четтикбай Чыналыевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү н/ж (23.06.1999-жылы берилген) иден.коду 3-07-11-0008-0229, 3-07-11-0008-0135 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-527

***В связи с утерей удостоверения на право временного пользования земельным участком серия №050892 от 27.04.2011 г. на имя Шакеновой Чынаркул Жаныбековны считать недействительным.***
А.Ж.

***Тогуз-Торо районунун тургуну Алымбабаев Жумабекке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 21868866 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) №0018058 (от 24.09.2009 г.) рег №1163, код ЕНИ 7-07-06-0005-0057, №7-07-06-0023-0180 на имя Алымкулова Малика считать недействительным.***
М.б.

***Абдыбеков Нурбек Аманбаевичке таандык сериясы Ч №070724 (01.04.2006-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-528

***Карымшаков Таалайбек Отуруковичке таандык сериясы Ч №671912 (06.10.2016-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-528

***Акматова Айнура Шамыратовнага тиешелүү диплому сериясы АВ №09154 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-523

***Доскеева Фатима Аманбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1128628 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Дюшанкулова Джамиля Бакеновнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 33464051 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-525

**Муфтият 2026-жылдагы ажылык сапары үчүн авиакомпаниялар ортосунда конкурс жарыялайт**

***2026-жылдагы ажылык иштерине даярдыктар башталгандыгына байланыштуу,***

## Кыргызстан мусулмандар Дин башкармалыгы

***2026-жылдагы Сауд Араб Падышалыгына боло турган ажылык сапарына ажыларды жеткирип-алып келүү үчүн авиакомпаниялардын ортосунда 2025-жылдын 10-сентябрынан 6-октябрь, саат 17.00гө чейин конкурс жарыялайт.***

Тандоо иш-чарасына катыша турган авиакомпанияларга коюлган талаптар тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн Муфтияттын төмөнкү адресине кайрылса болот:
**Бишкек ш., Жибек-Жолу көчөсү, 264/3. Муфтияттын жаңы кеңсеси.**
**Уюлдук тел: 0778486167 / 0708486167**
**эл-почта: muftiyat.hajj@mail.ru**
Тандоо иш-чарасы өтө турган күн: **2025-жылдын 8-октябры, саат 10.00**
Жайы: **Муфтияттын жыйындар залы.**
Документтерди кабыл алуу: **2025-жылдын 10-сентябрынан 6-октябрь саат 17.00гө чейин.**
Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген арыздар кабыл алынбайт.

**2026-жылдагы Сауд Араб Падышалыгы (мындан ары – САП) ажыларды Кыргыз Республикасынан (мындан ары – КР) жеткирүү жана кайра алып келүү, аба каттамы аркылуу ташууну жүзөгө ашыруу боюнча конкурска катышуу үчүн авиакомпанияларга коюлуучу негизги талаптар:**

1. САП эрежелерине жооп берген авиа ташуучунун тиешелүү лицензиялары жана сертификаттарынын болушу, учактын (аба кеменин) (жерде тейлөө жөнүндө колдонуудагы макулдашуулар, авиакомпанияны, учактын камсыздандыруу жөнүндө сертификаттары, учактын реестрдеги каттоо жөнүндө күбөлүк, ар бир учактын тибине жана учууга жарактуулугу боюнча сертификаты, жүргүнчүнүн, багаждын, үчүнчү жактардын алдындагы жоопкерчиликти камсыздандыруу ж.б.).
2. Авиакомпания Бишкек жана Ош шаарларынан Жидда жана Мадина шаарларына түз рейстерди аткаруу жана кайра алып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Бул үчүн САПтын эрежелерине жооп берген авиакомпаниянын балансында (менчигинде) турган учак менен учууларды жүзөгө ашыруу үчүн бардык уруксаттар бар болушу зарыл.
3. Катталган мамлекетин, техникалык мүнөздөмөсүн, учактын тибин, көрсөтүлгөн маршруттар боюнча учууларды ишке ашыруучу сыйымдуулугун көрсөтүү менен пайдаланууга жарактуу төрт учактан кем эмес болушу (колдонуудагы сертификаттар, күбөлүктөр ж.б.).
4. Бир зыяратчыга эки тарапка авиабилеттин баасын көрсөтүү (Прайс-лист).
5. САПтын Жарандык Авиация департаменти тарабынан бекитилген 2025-жылдын 15-ноябрына чейин эки тарапка тең слотту (учуулардын графигин) берүү.
6. 2026-жылдын 10-майынан 20-майына чейин САПтын (Жидда жана Мадина шаарларында) слоттору болушу шарт. Ажылардын жалпы саны - 6060 адам. Авиакомпания КРдан САПка бардык зыяратчыларды 10 (он) күндүн ичинде, 2026-жылдын 10-майынан 20-майына чейин жеткирүүгө, САПтан КРга кайра 10 (он) күндүн ичинде алып келүүгө милдеттүү.
7. Ажыга баруучулар үчүн акысыз жүктүн нормалары 30 (отуз) кг багаж, 10 (он) кг кол жүк жана 5 литр Зам-зам суусу болушу керек.
8. Ажыга баруучулар үчүн 2-5 куб.м. (200-300 кг) көлөмдөгү дары-дармектерди акысыз ташууну камсыз кылуу.
9. КМДБнын уюштуруу штабынын мүчөлөрү жана ажы-башчылар үчүн ажыларды ташуу мезгилинде акысыз билеттерди берүү.
10. Түз чартердик жана регулярдуу рейстер менен жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча иш тажрыйбасынын болушу.
11. Учактын бортунда ажыга баруучуларды "ХАЛАЛ" (АДАЛ) стандартындагы ысык тамак менен камсыздоо.
12. Ажыга баруучулар Кыргызстандан САПка жана кайра келүү графиги боюнча учуп бара жаткан учурда Жидда жана Мадина шаарларынын аэропортторунда авиакомпаниянын өкүлүнүн болушу.
13. Юридикалык жактын уюштуруу документтери (документтердин толук пакети, анын ичинде устав, юридикалык жактын катталгандыгын күбөлөндүрүүчү документ), Конкурска катышууга арыз берген жактын (өкүлдүн) ыйгарым укуктарын ырастоочу документтер.
14. Чет өлкөлүк авиакомпаниялар үчүн милдеттүү талап – бул Бишкек шаарында расмий өкүлдүн болушу. Бишкек шаарындагы чет өлкөлүк авиакомпаниялардын расмий өкүлү конкурста жеңип чыккан учурда, ажылык сапарга баруу мезгилинде үзгүлтүксүз штаттык режимде иштөөгө жана муфтияттын ыйгарым укуктуу кызматкерлери менен 24 саат байланышта болууга тийиш.
15. Юридикалык жактын (авиакомпаниянын жана анын кызыкчылыгын билдирген юридикалык жактын) салык жана социалдык эсептөөлөр боюнча карызынын жоктугун тастыктоочу документ.
16. Эл аралык стандарттарга жана ташуу эрежелерине ылайык келген учактын, кеминде 45 адамдан турган топторду бөлбөстөн бортко отургузууга тийиш. Авиакомпания бир күндө кеминде 600 (алты жүз) жүргүнчүнү ташуусу керек.
